# 2024-жылга карата Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинде, анын ведомстволук бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына жана анын карамагындагы мамлекеттик ишканалардын ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылга аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2025-жылдын 22-апрелиндеги № 06-1/212 жана башка буйруктарына ылайык, 2024-жылга карата Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинде, анын ведомстволук бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына жана анын карамагындагы мамлекеттик ишканалардын ишине шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Жооптуу тараптар жана аудит субъектиси**

Бул аудитке карата жооптуу тарап жана аудиттин субъектиси Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги болуп саналат.

**Жооптуу тараптын милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин жалпы милдеттерине мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруу органы тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле ушул аудиттин предмети кирет.

***Аудит мезгилинде каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп төмөндөгүлөр эсептелген:***

- *биринчи кол коюу укугу менен:*
- министр Т.К. Текебаев 2024-жылдын 11-июлуна чейин, 2024-жылдын 11-июлунан тартып бүгүнкү күнгө чейин А.Т. Сыргабаев;
- министрдин орун басары Б.Т. Базаралиев 2024-жылдын 5-февралынан тартып бүгүнкү күнгө чейин;
- *экинчи кол коюу укугу менен:* бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук бөлүмүнүн башчысы С.Б. Мамбеталиева 2025-жылдын 1-октябрына чейин, Н.И. Каленова 2025-жылдын 9-октябрынан тартып бүгүнкү күнгө чейин.

**Аудитордун жана аудит тобунун милдети**

Биздин милдет, биз жүргүзгөн аудиттин негизинде Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин ишмердүүлүгү мыйзамдардын талаптарына (аудиттин критерийлерине) шайкеш келүүсү боюнча өз алдынча корутундуга келүү. Аудит өзүнө, биздин корутундуну тастыктаган жетишээрлик, талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Биз аткарган аудиттин жол-жоболору, ушул жагдайларга туура келет деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер, ушул отчетто жазылган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, жетиштүү жана талаптагыдай болуп эсептелет, деп болжолдойбуз.

**Аудиттин предмети**

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, ченемдик-укуктук актылар жана Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги өз ишинде жетекчиликке алуучу башка ички документтер (буйруктар, жоболор, уставдар, нускамалар ж.б.), бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө №2 формадагы отчету, атайын каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө №4 формадагы отчет, баланс, отчеттор жана башка финансылык документтер.

**Аудиттин критерийлери:**

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;

*Кыргыз Республикасынын мыйзамдары:*

- “Бухгалтердик эсеп жөнүндө”;
- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө”;

“Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө”;

- “Автомобиль жолдору жөнүндө”;
- “Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө”;
- ***Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору:***
- 2012-жылдын 10-февралындагы № 85 “Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмегин) бекитүү жөнүндө” *(Аудит мезгилинде 2024-жылдын 12-июнуна чейин юридикалык күчүндөгү)*;
- 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” *(Аудит мезгилинде юридикалык күчүндөгү)*;
- 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө”;
- 1997-жылдын 25-июнундагы № 377 "Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы зоналарында жашаган жана иштеген адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө";
- 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө”;
- 2017-жылдын 30-декабрындагы № 855 токтому менен бекитилген Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө *жобо (Аудит мезгилинде юридикалык күчүндө болгон)*;

***Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдору:***

- 2022-жылдын 1-августундагы № 433 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө";
- 2022-жылдын 1-августундагы № 434 "Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө";
- 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө";
- 2022-жылдын 12-июлундагы № 379 "Жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорун оңдоонун жана куруунун айрым маселелери жөнүндө";
- 2024-жылдын 12-июнундагы № 304 "Мамлекеттик органдардын жана алардын ведомстволук мекемелеринин мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин бекитүү жөнүндө";
- 2021-жылдын 1-июлундагы № 55 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги жөнүндө *жобо*;
- 2023-жылдын 14-декабрындагы № 678 токтому менен бекитилген Иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо маселелери жөнүндө *жобо*;
- 2024-жылдын 28-июнундагы № 339 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын өнүктүрүү жана дем берүү фонду жөнүндө *жобо*;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча *жобо*;
- Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2017-жылдын 2-майындагы № 162 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасындагы жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорун жана жол курулмаларын ондоо жана тейлөө боюнча иштерди пландаштыруу жана аткаруу тартиби жөнүндө *жобо*;
- Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы № 366 "Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын Эрежелерин бекитүү жана ишке киргизүү жөнүндө" буйругу.

**Ишти аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Иш-чара INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана шайкештик аудити үчүн жетектөөчү көрсөтмөлөргө, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайра каралган), ошондой эле, Шайкештик аудитинин

колдонмосуна жана 3а, 3б формаларында көрсөтүлгөн корутундуларга ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык нормаларды сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга шайкеш келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштыруу жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштин кыскача баяндамасы**

Бул аудиттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин ишмердигине тиешелүү ченемдик укуктук документтер, ички ченемдик документтер жана бюджеттик жана атайын каражаттардын пайдаланылышын баалоо жүргүзүлдү.

**Корутунду**

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинде жана анын ведомстволук бөлүмдөрүндө бюджеттик каражаттарды, атайын эсептин каражаттарын, ошондой эле, ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлор боюнча донорлордун каражаттарын пайдалануу, төмөндөгү жагдайлардан тышкары, бардык олуттуу аспектилеринде мыйзамдардын талаптарына шайкеш келгендиги аныкталды.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктун жана сунуштаманын аткарылышы**

2023-жылга Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинде жана анын ведомстволук бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыктары боюнча:

- **жазма буйруктун** (30.12.2024-жылдагы №01-20/186) төмөнкү пункттары аткарылган эмес жана жарым-жартылай аткарылган:

- 8 пункт (2, 10, 20, 21, 22, 23, 24, жана 25 пункттар) *аткарылган эмес;*

- 4 пункт (1, 17, 18 жана 26 пункттар)-*жарым-жартылай аткарылган;*

Калыбына келтирүүгө тийиш болгон 559 903,3 мин сомдон, 538 151 мин сом калыбына келтирилген. Калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 1 752,3 мин сомду түзөт.

- **сунуштаманын** (30.12.2024-жылдагы №01-20/185) 38 пунктунан 12 пункту *аткарылган эмес.*

**Сунуштама:**

2023-жылга Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинде жана анын ведомстволук бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыктары боюнча берилген:

- жазма буйруктун (30.12.2024-жылдагы №01-20/186) *аткарылбаган:* 2, 10, 20, 21, 22, 23, 24 жана 25-пункттарынын, *жарым-жартылай аткарылган:* 1, 17, 18 жана 26-пункттарынын толугу менен аткарылышы камсыздалсын жана

1 752,3 миң сом өлчөмүндөгү калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы калыбына келтирилсин;

- сунуштаманын (30.12.2024-жылдагы №01-20/185) толук аткарылышы боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аудит субъектисинин кыскача мүнөздөмөсү**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 1-июлундагы № 55 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги (мындан ары- КР ТКМ же Министрлик) жөнүндө жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги автомобиль, темир жол, электр жана суу транспорту, жолдор, анын ичинде ички аэропорттук жолдор, аэродромдордун жана аэропорттордун элементтери чөйрөсүндө Кыргыз Республикасында мамлекеттик саясатты калыптандыруучу, ишке ашыруучу жана башкарууну жүзөгө ашыруучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы болуп саналат.

Министрликтин борбордук аппаратын, ведомстволук бөлүмдөрүн күтүүгө чыгымдар республикалык бюджеттин каражаттарынын, атайын эсептин жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген каржылоонун башка булактарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

Министрликтин ишинин негизги максаты автомобиль, темир жол, суу транспорту менен жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу боюнча транспорттук кызмат көрсөтүүлөр рыногун (аба транспорту чөйрөсүн кошпогондо) өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү, автомобиль жолдорунун сакталышын камсыз кылуу жана жол-транспорт комплексин өнүктүрүү болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 1-июлундагы № 55 "Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги жөнүндө" токтомуна ылайык *(2024-жылдын 11-апрелиндеги редакциясында*) Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин башкаруу схемасына: Жол чарба департаменти, Жол фонду, Суу жана жерде жүрүүчү транспорт департаменти, “Кыргызжолтрансдолбоор” долбоорлоо-изилдөө институту” мамлекеттик ишканасы, “Өндүрүштүк-инновациялык борбор” мамлекеттик мекемеси, “Кыргыз темир жолу” улуттук компаниясы” мамлекеттик ишканасы,“Кыргызавтожол-Түндүк” мамлекеттик ишканасы, “Кыргызавтожол-Түштүк” мамлекеттик ишканасы, “Кыргыз автобекети” мамлекеттик ишканасы кирет.

Жол тармагын башкаруу системасын өркүндөтүү, автомобиль жолдорун утурумдук ремонттоо жана күтүү боюнча мамлекеттик заказды натыйжалуу аткаруу жана Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдына коюлган милдеттерди мындан ары ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 11-апрелинде кабыл алынган №162 “Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу “Кыргызавтожол” мамлекеттик ишканасын кайра уюштуруу жөнүндө” токтомуна ылайык,

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу “Кыргызавтожол” мамлекеттик ишканасы төмөнкүдөй өз алдынча юридикалык жактарга бөлүү жана түзүү жолу менен кайра уюштурулду: Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу “Кыргызавтожол-Түндүк” мамлекеттик ишканасы жана Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу “Кыргызавтожол-Түштүк” мамлекеттик ишканасы.

**Ишмердүүлүктүн кыскача анализи**

КР ТКМдин балансында Кыргыз Республикасында жалпы пайдалануудагы автомобиль жолдорунун тармагы 34000 км ашык автожолдор түзөт. Бул жолдордун ичинен Жол чарба департаментинин карамагындагы жалпы пайдалануудагы автожолдор 19 051 км түзөт жана төмөнкүлөргө бөлүнөт:

- эл аралык маанидеги автожолдор = 3902 км;
- мамлекеттик маанидеги автожолдор = 6241 км;
- жергиликтүү маанидеги автожолдор = 8908 км

Жол катмары боюнча аталган автожолдор төмөнкүлөргө бөлүнөт:

цемент каптоо = 10 км;
асфальт-бетон каптоо = 7741 км;
кара шагыл каптоо = 1164 км;
шагыл каптоо = 8643 км;
топурак каптоо = 1493 км

2024-жылы каржылануучу объекттер боюнча "Капиталдык салымдар" беренеси боюнча 12 айдын ичинде асфальт-бетон каптоо курулушу 422,8 км түзгөн, анын ичинде:

- Балыкчы-Бөкөнбаев-Каракол автожолу - 31,6 км;
- Балыкчы-Чолпон-Ата-Корумду автожолу-7 км;
- Ош-Баткен-Раззаков автожолу-19 км;
- Ала-Бука-Жаңы-Базар-Кировка автожолу-32,9 км;
- Баетов автожолу-1,4 км;
- Нарын шаары, Орозбак көчөсү-1,3 км;
- Калган долбоорлор - 240,9 км

Бюджетти бекитүү боюнча учурдагы пландар жана аткарылган иштерди каржылоонун көлөмү (12 айдын жыйынтыгы):

- 2024-жылдын учурдагы бюджетинин алкагында жолдорду курууга, оңдоого жана күтүүгө, анын ичинен ар кандай жол иштерин аткарууга 3 607 152,9 миң сом каралган.

***Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаменти***

2024-жылдын 12 айында уруксат берүүчү документтерди берүүдөн, таразага тартуудан жана габариттик параметрлерди өзгөртүүдөн, административдик укук бузуулар үчүн 398 886,3 миң сом суммасында айып пул чогултуудан акча каражаттары келип түшкөн.

**Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин бюджеттик каражаттарынын, атайын эсептин каражаттарынын жана башка каражаттарынын кирешелер жана чыгашалар сметаларынын аткарылышын талдоо**

“Кыргыз Республикасынын 2024-жылга жана 2025-2026-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин бюджети капиталдык салымдарды эсепке алуу менен, 14 689,0 млн сом суммасында бекитилген. 2024-жылга карата такталган бюджет 23 070,3 млн сомду түзөт, бул бекитилген бюджетке салыштырмалуу 8 381,3 млн сомго көп.

2024-жылы каржыланганы 22 293,5 млн сомду түзгөн, анын ичинен:

- учурдагы бюджет боюнча - 5 534,1 млн сом;
-"капиталдык салымдар" беренеси боюнча - 3 046,6 млн сом;
- мамлекеттик казына облигациялары (МКО) аркылуу - 3 476,2 млн сом;
- инвестициялык долбоордун бюджети 10 236,6 млн сомду түзгөн.

2024-жылдын 31-декабрына карата КР ТКМ бюджетинин аткарылышы

**(млн сом)**

| **Чыгымдар беренесинин аталышы** | **2023-жылга бюджеттин аткарылышы** | **2024-жылга бекитилген бюджет** | **2024-жылга такталган бюджет** | **2024-жылга бюджеттин аткарылышы** | **Жылдын аягына калдык** | **Аткарылган %** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **КР Транспорт жана коммуникациялар министрлиги (аппарат)** | **169,1** | **114,7** | **120,8** | **118,9** | **1,9** | **98,4** |
| Жол чарба департаменти (аппарат) | 3 586,8 | 3 981,3 | 5 034,3 | 5 033,2 | 1,2 | 99,9 |
| Жол фонду | 71,4 | 76,5 | 73,1 | 70,4 | 2,7 | 96,3 |
| **Жол тармагынын учурдагы бюджети** | **3 658,2** | **4 057,8** | **5 107,5** | **5 103,6** | **3,9** | **99,9** |
| **Мамлекеттик капиталдык салымдар** | **1 695,9** | **2 000,0** | **3 059,5** | **3 046,6** | **12,9** | **99,6** |
| **КО аркылуу каржылоо** | **2 631,8** | **0,0** | **3 748,3** | **3 476,2** | **272,1** | **92,7** |
| **Жол тармагынын бюджети БАРДЫГЫ** | **7 985,8** | **6 057,8** | **11 915,2** | **11 626,3** | **288,9** | **97,6** |
| Жер үстүндөгү жана суу транспорту департаменти (аппарат) | 56,5 | 42,9 | 83,4 | 75,3 | 8,1 | 90,3 |
| Жер үстүндөгү жана суу транспорту департаменти (түзүмдүк бөлүнүштөрү) | 239,2 | 235,6 | 245,0 | 236,3 | 8,7 | 96,5 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Жеде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин бюджети БАРДЫГЫ** | **295,7** | **278,5** | **328,4** | **311,6** | **16,8** | **94,9** |
| **КР ТКМ учурдагы бюджетинин жыйынтыктары** | **4 123,0** | **4 450,9** | **5556,7** | **5534,1** | **22,6** | **98,8** |
| **ГКВ, КО жана КР ТКМ бюджети бардыгы** | **8 450,7** | **6 450,9** | **12364,4** | **12056,8** | **307,6** | **97,5** |
| **Өнүктүрүү бюджети БАРДЫГЫ** | **8 100,2** | **8 238,1** | **10 705,9** | **10 236,6** | **469,3** | **95,6** |
| ГРП (АӨБ) | 5 071,9 | 3 096,3 | 6 879,4 | 6 673,0 | 206,4 | 97 |
| ГРП (ИӨБ) | 465,3 | 2 469,0 | 2 032,8 | 1 838,5 | 194,3 | 90,4 |
| ГРП (ДБ) | 2 351,3 | 2 672,8 | 1 793,7 | 1 725,1 | 68,6 | 96,2 |
| Шаар транспортун электрификациялоо долбоору | **211,6** | **0,0** | **0,0** | **0,0** | **0,0** | **0** |
| **КР ТКМ бюджети БАРДЫГЫ** | **16 550,9** | **14 689,0** | **23 070,3** | **22 293,5** | **776,9** | **96,6** |

## Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин борбордук аппараты боюнча

**Аныкталды/корутунду**

КР ТКМдин 2024-жылдын 23-декабрындагы № 316 буйругунун 1-пунктунун негизинде, өнүктүрүү жана стимулдаштыруу фондунун каражаттарынын эсебинен Жаңы-жылдык иш-чараларды өткөрүүгө 2024-жылдын 23-декабрындагы №695 төлөө тапшырмасы менен Министрликтин профсоюз комитетинин алыш-бериш эсебине 2215 "Башка товарларды жана кызматтарды алуу (Өкүлчүлүк чыгымдар)" беренесинен 150,0 миң сом которулган. Ушул буйруктун 2-пункту менен профсоюз комитетинин төрагасына Министрликтин бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук секторуна акча каражаттарын пайдалануу боюнча отчет берүү тапшырылган.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун 124-125-пункттарынын талаптарына ылайык:

*"Иш-чара аяктагандан кийин иш-чараны өткөрүүгө жооптуу адам тарабынан иш чаранын өткөрүлгөндүгү жөнүндө акт жана ага баштапкы документтерди тиркөө менен иш жүзүндө жүргүзүлгөн чыгымдарды тастыктаган отчет даярдалат. Акт жана отчет бюджеттик мекеменин жетекчиси тарабынан бекитилет.*

*Иш-чараны өткөрүүгө жооптуу кызматкер үч жумушчу күндүн ичинде баштапкы документтерди, актыны жана отчетту тиркөө менен сарпталган сумма жөнүндө авансттык отчетту бухгалтердик кызматка берүүгө жана пайдаланылбаган аванстын калдыгын кассага кайтарууга милдеттүү".*

Бирок, профсоюз комитетинин төрагасы тарабынан, аванстык отчет бухгалтердик кызматка тапшырылган эмес.

Мындан тышкары, Жаңы-жылдык иш-чараны өткөрүүнү каржылоодо, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 121,124-пункттарын бузуу менен, КР ТКМ тарабынан бюджеттик мекеменин жетекчисинин буйругу (тескемеси) чыгарылган эмес, анда төмөнкүлөр бекитилет: иш-чарага катышкан кызмат адамдардын тизмеси, иш-чараны өткөрүүгө жоопту адамдардын тизмеси, иш-чараны өткөрүүнүн датасы жана орду, иш-чаранын программасы жана сметасы.

Андан тышкары, Министрликтин бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук сектору тарабынан бухгалтердик эсеп боюнча 150,0 миң сом суммасындагы акча каражаты дебитордук карыз катары көрсөтүлгөн эмес жана тастыктоочу документтери жок эсептен чыгарылган.

*2025-жылдын 18-ноябрындагы № 5763/RACC/1 төлөө тапшырмасы менен калыбына келтирилип бюджетке кайтарылды.*

**Сунуштама**

Мындан ары эсеп берме жактар менен эсептешүүлөрдө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 121,124 жана 125-пункттары жетекчиликке алынсын.

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 24-октябрындагы №672-т тескемесине ылайык, КР ТКМине өнүктүрүү жана дем берүү фондун түзүүгө кошумча 1 150,0 миң сом бөлүнгөн.

Андан ары Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги бөлүнгөн 1 150,0 миң сомдун 1 000,0 миң сомун № 103573 маалымкат-билдирүү боюнча чыгымдар сметасынын 2211 "Командировкалык чыгымдар" беренеси боюнча бекиткен.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 28-июнундагы №339 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын өнүктүрүү жана дем берүү фонду жөнүндө" жобонун 10-пунктунун ченемдерине ылайык, өнүктүрүү жана дем берүү фонду командировкалык чыгымдарды төлөөгө б.а. "Командировкалык чыгымдар" беренеси боюнча чыгымдар сметасын төлөөгө каралган эмес.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан № 103573 маалымкат-билдирүү боюнча Өнүктүрүү жана дем берүү фондунун 1 000,0 миң сом каражаттары чыгымдар сметасынын 2211 “Командировкалык чыгымдар” беренеси боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 28-июнундагы токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын өнүктүрүү жана дем берүү фонду жөнүндө" Жобонун 10-пунктун бузуу менен бекитилген, анын натыйжасында, КР ТКМ тарабынан Өнүктүрүү жана дем берүү фондунун каражаттары максатсыз пайдаланылган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги менен биргеликте, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 28-июнундагы №339 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын өнүктүрүү жана дем берүү фонду жөнүндө" жобонун 10-пунктун бузуу менен бекитилген, чыгымдар сметасынын 2211 "Командировкалык чыгымдар" беренеси боюнча пайдаланылган 1 000,0 миң сом суммасында Өнүктүрүү жана дем берүү фондунун каражаттарын калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан 2024-жылы "Капиталдык салым" беренеси боюнча республикалык бюджеттен каржылоого объекттердин тизмегине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду эске алуу менен, КР ТКМ тарабынан берилген "капиталдык салым" беренеси боюнча республикалык бюджеттен каржылоого объекттердин тизмегинин негизинде 251 объект 12 214 199,1 миң сомго (КПҮ) бекитилген *(аудит мезгилинде каржыланган эмес*).

Бирок, КР ТКМ (бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүсү (БКБТ) тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы №855 токтому менен бекитилген “Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө жобонун” 6-пунктун бузуу менен, "Капиталдык салым" беренеси боюнча республикалык бюджеттен каржылануучу объекттердин тизмегин түзүүдө (Аткаруучу Жол чарба департаменти), инвестициялык долбоорлордун ар бири үчүн документтердин төмөнкүдөй пакетин түзгөн эмес: объекттин техникалык абалы жөнүндө маалымат (реконструкциялоо же капиталдык оңдоо үчүн); архитектура жана курулуш чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык долбоордук документацияларды бекитүү тууралуу документтер (долбоордук документация иштелип чыкпаган болжолдонгон долбоорлордон тышкары); долбоор аяктагандан кийинки объектти камсыздоо үчүн зарыл болгон бюджеттик ресурстардын эсеби жана башкалар.

КР ТКМ тарабынан "Капиталдык салым" беренеси боюнча республикалык бюджеттен каржылоого объекттердин тизмегин түзүү, "Автомобиль жолдору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинин 5-бөлүгүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы №855 токтому менен бекитилген “Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө жобонун” 6-пунктун бузуу менен, же болбосо тиешелүү документтердин пакети жок түзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан "Капиталдык салым" беренеси боюнча республикалык бюджеттен каржылоого

объекттердин тизмеги "Автомобиль жолдору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинин 5-бөлүгүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы №855 токтому менен бекитилген "Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө" жобонун 6 жана 7-пункттарын бузуу менен бекитилген.

**Сунуштама:**

-"Капиталдык салым" беренеси боюнча республикалык бюджеттен каржылоого объекттердин тизмегин түзүү, "Автомобиль жолдору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинин 5-бөлүгүнүн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-августундагы № 466 токтому менен бекитилген "Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө" жобонун талаптарына ылайык ишке ашырылсын.

"Автомобиль жолдору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинин 5-бөлүгүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы №855 токтому менен бекитилген "Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө" жобонун 6-пунктун бузуу менен 12 214 199,1 миң сомго "Капиталдык салым" беренеси боюнча республикалык бюджеттен каржылоого объекттердин тизмегин (КПҮ) түзүүгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

- *Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине*:

- "Капиталдык салым" беренеси боюнча республикалык бюджеттен каржылоого объекттердин тизмегин бекитүү, "Автомобиль жолдору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинин 5-бөлүгүнүн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-августундагы № 466 токтому менен бекитилген "Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө" жобонун талаптарына ылайык ишке ашырылсын.

"Автомобиль жолдору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинин 5-бөлүгүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы №855 токтому менен бекитилген "Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө жобонун" 6-пунктун бузуу менен, 12 214 199,1 миң сомго "Капиталдык салым" беренеси боюнча республикалык бюджеттен каржылоого объекттердин тизмегин (КПҮ) бекитүүгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды/корутунду**

“Автомобиль жолдору жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык, жол консультациялык кызматтарын көрсөтүүнүн тартиби жана көлөмдөрү, жол консультациялык кызмат көрсөтүүлөрүнө бааларды аныктоонун методикасы транспорт жана коммуникациялар чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталат. Бирок, "Автомобиль жолдору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесинин 4-бөлүгүн бузуу менен, КР ТКМ тарабынан жол консультациялык кызмат көрсөтүүлөрүнө бааларды аныктоонун методикасы аныкталган эмес.

**Сунуштама**

“Автомобиль жолдору жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесинин 4-бөлүгүн аткаруу максатында, жол консультациялык кызмат көрсөтүүлөрүнө бааларды аныктоонун методикасын иштеп чыгуу жана бекитүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды/корутунду**

Жыйынды балanска ылайык, КР ТКМ алдындагы Жол чарба департаментинде МКС боюнча аванстык төлөмдөрдүн эсебинен 3 239 313,3 миң сом суммасында ири дебитордук карыз түзүлгөн ("Жагалмай" ЖЧК аванс төл.-544 791,0 миң сом жана материал үчүн – 150 000 миң сом; "Лонг Хай” – 157 325,6 миң сом; “Кыргыз Жол Курулуш” ЖЧК – 1 141 266,4 миң сом; “Арек Строй” ЖЧК – 1 141 108,2 миң сом; КАЖ -Түндүк МИ-92 364,7 миң сом; КЖТИ – 12 456,7 миң сом). Ири дебитордук карыздын пайда болушу, мурда 2021-2023-жылдары Балыкчы-Бөкөнбаев-Каракол, Ала-бука-Жаңы-Базар-Кировка, Көк-Таш-Аксай-Тамдык, Бишкек-Ош, Балыкчы-Чолпон-Ата-Корумду автомобиль жолдорун куруу жана реконструкциялоо объекттери боюнча аванстар төлөнгөндүгү менен түшүндүрүлөт, мында подряддык компаниялар тарабынан курулуш иштери Келишимдердин (контракттардын) шарттарын бузуу менен, курулуш иштеринин графигинен артта калуу менен жүргүзүлүүдө. Ошону менен бирге, КР ТКМнын коллегиясынын материалдарына жана башка документтерине ылайык, дебитордук карыздарды азайтуу боюнча маселелер көтөрүлбөй жаткандыгын жана курулуш иштеринин темпин тездетүү жана подряддык компаниялар тарабынан аткарылган иштердин актыларын тапшыруу үчүн кардиналдык чечимдер кабыл алынбай жаткандыгын белгилеп кетүү зарыл.

**Сунуштама**

Дебитордук карыздарды азайтуу жана курулуш иштеринин өз убагында аякташын камсыздоо, ошондой эле, жумуштардын жана материалдардын кымбатташына жол бербөө максатында, Министрликтин борбордук аппараты тарабынан курулуш жана оңдоо объекттеринде иштердин жүрүшүнө ар дайым түз көзөмөл жүргүзүлсүн. Келишимдерде жана контракттарда каралган ченемдерге ылайык, подряддык компанияларга жана "Кыргызжолтрансдолбоор" мамлекеттик ишканасынын консультантына карата айыптык жана башка санкцияларды колдонуу бөлүгүндө, көзөмөл жүргүзүлсүн.

Подряддык компаниялар тарабынан акы төлөөгө Сертификаттардын (аткарылган иштердин актылары, аткаруу документтери) өз убагында тапшырылышына көзөмөл күчөтүлсүн.

**Аныкталды/корутунду**

КР ТКМ тарабынан "Тапшырыкчы" ЖИ Э.Ж. Шейшенбекова менен "Автотранспортту техникалык тейлөө жана оңдоо боюнча кызматтарды көрсөтүүгө" 2024-жылдын 26-ноябрында № 44 келишим түзүлгөн. Келишимдин предмети, мамлекеттик № 01KG 017AC «LIXIANG L9» маркасындагы кызматтык автотранспортту оңдоо болгон. Ушул Келишимдин 3.1-пунктуна ылайык, иштердин наркы 200,0 миң сомду түзөт, 3.2-пунктуна ылайык, төлөө аткарылган иштердин актысына ылайык ишке ашырылат.

Бирок, КР ТКМ тарабынан 2024-жылдын 26-ноябрындагы № 44 Келишимдин 3.2-пунктунун шарттарын бузуу менен, 2024-жылдын 27-декабрында №736 жана 2024-жылдын 30-декабрында №737 төлөм тапшырмалары менен ЖИ Э.Ж. Шейшенбековага 200,0 миң сом негизсиз которулган, анын натыйжасында дебитордук карыз пайда болгон.

**Сунуштама**

Кызмат көрсөтүүчүлөр жана товар жеткирүүчүлөр менен эсептешүүдө, Келишимдин талаптары так жетекчиликке алынсын.

**Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы Жол чарба департаменти боюнча (мындан ары- Жол чарба департаменти)**

**Аныкталды/корутунду**

Жол чарба департаменти тарабынан Балыкчы-Бөкөнбаев-Каракол автомобиль жолун капиталдык куруу жана реконструкциялоо объектилери боюнча (0-141,64 км участогу) Контракттарды түзүүдө, "Кыргыз Жол Курулуш" ЖЧКсы менен 2021-жылдын 20-июлунда № 03/21-10 Алдын ала келишим жана 2021-жылдын 9-декабрында № 03/21-28 автомобиль жолун реконструкциялоого (Балыкчы-Барскоон участогу, 0-25 км) Подряддык келишим түзүлгөн.

Контракттын 8.2-пунктуна ылайык, аткарылган иштердин кепилдик мөөнөтү 36 ай деп белгиленген. Аткарылган иштерге келишимдер кепилдик мөөнөтү 36 ай белгиленген ушуга окшош төмөнкү Контракттар (келишимдер) түзүлгөн:

"Кыргыз Жол Курулуш" ЖЧКсы (Башкы подрядчы) (Балыкчы-Барскоон участогу, 25-71 км) 2022-жылдын 8-апрелинде № 03/22-27 (автомобиль жолун реконструкциялоого) алдын Ала келишим;

"Кыргыз Жол Курулуш" ЖЧКсы (Башкы подрядчы) (Балыкчы-Барскоон-Каракол участогу, 71-96,37 км) 2023-жылдын 5-октябрындагы № 03/23-281 Контракты;

"Арек Строй" ЖЧКсы (Башкы подрядчы) (Балыкчы-Барскоон-Каракол 96,37-126,37 км участогу) 2023-жылдын 18-октябрындагы № 03/23-301 Контракты.

"Автомобиль жолдору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, кепилдик мөөнөтү курулушу бүткөн жаңы жана **реконструкцияланган автомобиль жолдору** заказчыга тапшырылган учурдан тартып эсептелет жана кеминде **беш жылды**, ал эми оңдолгон автомобиль жолдору үчүн - кеминде үч жылды түзөт.

Бирок, Жол чарба департаменти тарабынан автомобиль жолун курууга жана реконструкциялоого контракттарды түзүүдө (Балыкчы-Барскоон-Каракол участогу 0,0-126,37 км), "Автомобиль жолдору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесинин 2-бөлүгүн бузуу менен, аткарылган иштерге (объектти эксплуатациялоого) кепилдик мөөнөт 36 ай (3 жыл) белгиленген.

**Сунуштама**

"Автомобиль жолдору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесинин 2-бөлүгүн аткаруу максатында, Балыкчы-Барскоон-Каракол автомобиль жолун куруу жана реконструкциялоо долбоору боюнча подряддык компаниялар менен түзүлгөн бардык контракттар кайра каралып чыксын.

**Аныкталды/корутунду**

Жол чарба департаменти тарабынан Ноокат районунун 6 км узундуктагы 34,4км- 40,4 км Ош-Баткен-Раззаков автомобиль жолун реконструкциялоо объектиси боюнча "Кыргызавтожол-Түштүк" МИ менен 2024-жылдын 31-июлундагы №373 Контракт түзүүдө, "Автомобиль жолдору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесинин 1-2-пункттарын бузуу менен, аткарылган иштерге (объектти эксплуатациялоо) кепилдик мөөнөт каралган эмес. Ушундай эле 2024-жылга карата күчүнө ээ бардык Контракттар (Келишимдер) ("Кыргызавтожол" МИнин укук мураскерлери) "Кыргызавтожол-Түндүк" МИ, "Кыргызавтожол-Түштүк" МИ менен түзүлгөн.

**Сунуштама**

"Автомобиль жолдору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 28-беренесинин 1-2- бөлүктөрүн аткаруу максатында, объектти пайдалануунун кепилдик мөөнөтүн көрсөтүү бөлүгүндө, "Кыргызавтожол-Түндүк МИ, “Кыргызавтожол-Түштүк" МИ менен түзүлгөн бардык Контракттар кайра каралып чыксын.

**"Балыкчы-Барскоон-Каракол 0-141,6 км" автомобиль жолун куруу жана реконструкциялоо долбоорун ишке ашыруу**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 26-июлундагы ПЖ № 318 Жарлыгынын 1-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги жана Кыргыз Республикасынын Инвестициялар министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонд менен биргеликте:

- 2021-2023-жылдар мезгилинде Балыкчы-Бөкөнбаев-Каракол автомобиль жолун (Балыкчы-Барскоон 0-141, 640 км) реконструкциялоо жөнүндө маселени иштеп чыксын;

-Балыкчы-Бөкөнбаев-Каракол автомобиль жолун (Балыкчы-Барскоон участогу 0-141, 640 км) реконструкциялоодо келишимди тикелей түзүү усулун колдонсун.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 26-июлундагы ПЖ № 318 Жарлыгын аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети 2021-жылдын 24-сентябрындагы №207-т (КПҮ) тескемесинин 1-пункту менен төмөнкүлөр көрсөтүлгөн:

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине, төмөнкү подряддык компаниялар менен төмөнкү автомобиль жолдорун реконструкциялоо жана капиталдык оңдоо боюнча келишимдер аныкталсын жана түзүлсүн:

- "Кыргыз Жол Курулуш" жоопкерчилиги чектелген коому Балыкчы-Бөкөнбаев-Каракол автомобиль жолунун 0-71 км участкасын реконструкциялоого;
- "Арек строй" жоопкерчилиги чектелген коому Балыкчы-Бөкөнбаев-Каракол автомобиль жолунун 71-141, 640 км участогун реконструкциялоого.

**Аныкталды/корутунду:**

Жол чарба департаменти (тапшырыкчы) тарабынан "Кыргыз Жол Курулуш" ЖЧКсы (Башкы подрядчы) менен 2021-жылдын 9-декабрында № 03/21-28 Контракт түзүлгөн, анда Контракттын предмети автомобиль жолун реконструкциялоо болгон (Балыкчы-Барскоон участогу, 0-25 км). Контракттын жалпы наркы 1 983 904,6 миң сомду (19 950,0 миң АКШ долларын) түзгөн. Бул Контракттын 2021-жылдын 20-июлундагы № 03/21-10 алдын ала келишими менен салыштырма наркы 292 144,6 миң сомго, же 17,27% га жогорулаган. Ушул Контракттын 2.3. пунктуна ылайык, Контракттын суммасынан 25% өлчөмүндө авансытык төлөм каралган. Контракттын 5.2. пунктунда негизги иштерди аткаруунун акыркы мөөнөтү 2023-жылдын 31-августу деп белгиленген.

Андан ары Жол чарба департаменти жана "Кыргыз Жол Курулуш" ЖЧКсы тарабынан 2021-жылдын 9-декабрындагы № 03/21-28 Контрактына 2023-жылдын 25-августунда № 03/23-242 Кошумча келишим түзүлгөн, анда Келишимдин предмети Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 368-беренесине ылайык, Келишимдин наркына өзгөртүүлөрдү киргизүү жана 2% га көбөйтүү болгон. Келишимдин жалпы наркы 1 998 523,5 миң сомду түзгөн, 396 780,1 миң сомго же 2% көбөйтүлгөн. Ошондой эле, 6-пунктунда негизги иштерди аткаруунун акыркы мөөнөтү 2024-жылдын 31-июлу деп белгиленген.

Аудиттин жүрүшүндө, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 356, 359-беренелеринин жана 2021-жылдын 9-декабрындагы № 03/21-28 Контракттын 9.1. пунктунун негизинде, негизги иштерди өз убагында аткарбагандыгы (курулуш иштеринин графигинен артта калуу) үчүн 2024-жылдын 31-декабрына карата **39 970,5** миң сом суммасында үстөк айып эсептелген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 356, 359-беренелеринин жана 2021-жылдын 9-декабрындагы № 03/21-28 Контракттын 9.1. пунктунун негизинде, 2024-жылдын 31-декабрына карата негизги иштерди өз убагында аткарбагандыгы үчүн (курулуш иштеринин графигинен артта калуу) 39 970,5 миң сом "Кыргыз Жол Курулуш" ЖЧКсына эсептелген үстөк айыпты өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

"Кыргызжолтрансдолбоор" мамлекеттик ишканасынын консультанты менен биргеликте курулуш иштеринин графигинин аткарылышына көзөмөл күчөтүлсүн.

**Аныкталды/корутунду**

Жол чарба департаменти (Тапшырыкчы) жана "Кыргыз Жол Курулуш" ЖЧКсы (Башкы подрядчы) (Балыкчы-Барскоон участогу, 25-71 км) автомобиль жолун реконструкциялоого 2023-жылдын 31-майында № 03/23-140 Контракт түзүшкөн. Контракттын наркы 3 112 104,2 миң сомду түзгөн. Контракттын 2.5. пунктуна ылайык, Контракттын наркынан 12% өлчөмүндө авансты төлөм каралган. Контракттын 5.1. пунктунда негизги иштерди аткаруу үчүн Келишимдин акыркы мөөнөтү 2024-жылдын 8-апрелине белгиленген.

Андан ары Жол чарба департаменти тарабынан "Кыргыз Жол Курулуш" ЖЧКсы менен 2023-жылдын 31-майындагы № 03/23-140 Контрактына 2023-жылдын 25-августунда № 33/23-242 Кошумча келишим түзүлгөн, анда иштин көлөмүнүн көбөйүшүнө байланыштуу, Келишимдин наркы 476 854,1 миң сомго көбөйтүлгөн. Келишимдин жалпы наркы 3 588 958,3 миң сомду түзгөн.

Аудиттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 356, 359-беренелеринин жана 2023-жылдын 31-майындагы №03/23-140 Контракттын 9.1. пунктунун негизинде негизги иштерди өз убагында аткарбагандыгы үчүн (курулуш иштеринин графигинен артта калуу) 2024-жылдын 31-декабрына карата **53 834,4** миң сом суммасында үстөк айып эсептелген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 356, 359-беренелеринин жана 2023-жылдын 31-майындагы №03/23-140 Контракттын 9.1. пунктунун негизинде, 2024-жылдын 31-декабрына карата негизги иштерди өз убагында аткарбагандыгы үчүн (курулуш иштеринин графигинен артта калуу) 53 834,4 миң сом "Кыргыз Жол Курулуш" ЖЧКсына эсептелген үстөк айыпты өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

"Кыргызжолтрансдолбоор" мамлекеттик ишканасынын консультанты менен биргеликте курулуш иштеринин графигинин аткарылышына көзөмөл күчөтүлсүн.

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №207-т (КПҮ), 2023-жылдын 13-сентябрындагы № 529-т (КПҮ) тескемелеринин негизинде, Жол чарба департаменти (Тапшырыкчы)

жана "Кыргыз Жол Курулуш" ЖЧКсы (Башкы подрядчы) Балыкчы-Барскоон-Каракол участогу, (71-96, 37 км) автомобиль жолун реконструкциялоого 2023-жылдын 5-октябрында № 03/23-281 Контракт түзүшкөн. Контрактын наркы 1 612 205,3 миң сомду түзгөн. Контракттын 2.6. пунктуна ылайык, Контракттын наркынан 20% өлчөмүндө аванстык төлөм каралган. Контракттын 5.1. пунктунда негизги иштерди аткаруунун акыркы мөөнөтү 2025-жылдын 30-июну деп белгиленген. Контракттын шартына ылайык, Жол чарба департаменти "Кыргыз Жол Курулуш" ЖЧКсынын эсебине 2023-жылдын декабрь айында 50 000,0 миң сом, 2024-жылдын февраль айында 272 441,1 миң сом жалпысынан 322 441,1 миң сом, же Келишимде каралган суммадан 20% аванстык төлөм которгон.

2024-жылдын 31-декабрына карата башкы подрядчы "Кыргыз Жол Курулуш" ЖЧКсы тарабынан 2024-жылдын 22-ноябрында 4 209,5 миң сом суммасында аткарылган иштердин актылары тапшырылган.

Аудиттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 356, 359-беренелеринин жана 2023-жылдын 5-октябрындагы №03/23-281 Контракттын 9.1. пунктунун негизинде негизги иштерди өз убагында аткарбагандыгы үчүн 2024-жылдын 31-декабрына карата **24 183,1** миң сом суммасында үстөк айып эсептелген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 356, 359-беренелеринин жана 2023-жылдын 5-октябрындагы №03/23-281 Контракттын 9.1. пунктунун негизинде, 2024-жылдын 31-декабрына карата негизги иштерди өз убагында аткарбагандыгы үчүн (курулуш иштеринин графигинен артта калуу) 24 183,1 миң сом "Кыргыз Жол Курулуш" ЖЧКсына эсептелген үстөк айыпты өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

"Кыргызжолтрансдолбоор" мамлекеттик ишканасынын консультанты менен биргеликте курулуш иштеринин графигинин аткарылышына көзөмөл күчөтүлсүн.

**Аныкталды/корутунду**

Жол чарба департаменти (Тапшырыкчы) менен "Арек Строй" ЖЧКнын (Башкы подрядчы) ортосунда Балыкчы-Бөкөнбаев-Каракол 96,37-126,37 км узундуктагы автомобиль жолунда Балыкчы-Бөкөнбаев-Барскоон 29,630 км узундуктагы автожолун реконструкциялоо боюнча 2023-жылдын 18-октябрында № 03/23-301 Контракт түзүлгөн. Контракттын наркы 2 004 601,1 мин сомду түзгөн. 5.2. пунктуна ылайык, иштин негизги түрлөрүн аткаруунун акыркы мөөнөтү 2025-жылдын 30-июну болуп эсептелет.

Бирок, Жол чарба департаменти тарабынан наркы 4 779 447, 9 миң сом, 71-141,640 км участогунун узундугу 70,64 км автомобиль жолун реконструкциялоого мурда түзүлгөн 2021-жылдын 22-октябрындагы № 03/21-21 алдын ала келишим бузулган эмес жана 1 455 000,0 миң сом суммасындагы мамлекеттик финансылык каражат 21 айдын ичинде (2021-жылдын ноябрь айынан тартып 2023-жылдын август айына чейин) "Арек строй "ЖЧКсынын пайдалануусунда болгонун эске алуу менен, 3.2. пунктунун

5-абзацында "Башкы подрядчы иштин негизги түрлөрүн өз убагында аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик тартат, б.а. иш графигинен артта калган учурда, сумманын 0,03% өлчөмүндө, бирок кечиктирилген ар бир жума үчүн жалпы сумманын 2% ашпаган, республикалык бюджеттен каржылоо фактысы тастыкталган учурда”, деп каралган тиешелүү финансылык санкциялар боюнча чаралар көрүлгөн эмес.

2024-жылдын 31-декабрына карата "Арек строй" ЖЧКсы сунуштаган аткарылган иштердин актыларынын жалпы суммасы 498 240,9 миң сом, же авансытык төлөмдөн 34,2% (авансытык төлөм 1 455 000,0 миң сом).

Аудиттин жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 356, 359-беренелеринин жана 2023-жылдын 18-октябрындагы № 03/23-301 Контракттын 9.1. пунктунун негизинде, 2024-жылдын 31-декабрына карата негизги иштерди өз убагында аткарбагандыгы үчүн (курулуш иштеринин графигинен артта калуу) **34 508,4** миң сом суммасындагы үстөк айып эсептелген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 356, 359-беренелеринин жана 2023-жылдын 18-октябрындагы № 03/23-301 Контракттын 9.1. пунктунун негизинде, негизги иштерди өз убагында аткарбагандыгы үчүн (курулуш иштеринин графигинен артта калуу) 34 508,4 миң сом Арек строй" ЖЧКсына эсептелген үстөк айыпты өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

"Кыргызжолтрансдолбоор" мамлекеттик ишканасынын консультанты менен биргеликте курулуш иштеринин графигинин аткарылышына көзөмөл күчөтүлсүн.

**Ала-Бука-Жаңы-Базар-Киров автомобиль жолун капиталдык оңдоо (0-100 км участогу)**

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 16-июнундагы № 344-т тескемесинин, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2023-жылдын 12-июнундагы № 210 буйругунун негизинде, Жол чарба департаменти "Жагалмай" ЖЧКсы менен 2023-жылдын 12-июлунда № 03/23-214 Контракт түзгөн. Контракттын жалпы наркы 4 647 918,5 мин сомду түзгөн. Контракттын 5.2. пунктуна ылайык, иштердин негизги түрлөрүн аяктоо мөөнөтү 2025-жылдын 1-июлу болуп саналат. Контракттын 2.5. пунктуна ылайык, мобилизациялоого, курулуш иштерин уюштурууга Келишимдин суммасынан 10% өлчөмүндө авансытык төлөм каралат, 2.6. пунктка ылайык, эгерде башкы подрядчы авансытык төлөмдүн суммасына банктык кепилдик берсе, авансытык төлөм башкы подрядчынын алыш-бериш эсебине которулат.

2023-жылдын 12-июлундагы № 03/23-214 Контракттын негизинде Жол чарба департаменти тарабынан "Жагалмай" ЖЧКнын алыш-бериш эсебине 2023-жылдын сентябрь-ноябрь айларында 397 000,0 миң сом, 2024-жылдын февраль-март айларында-297 791,8 миң сом, бардыгы 694 791,8 миң сом которулган.

Башкы подрядчы "Жагалмай" ЖЧКсы 2024-жылы аткарылган иштерге 150 049,7 миң сом суммасында сертификат тапшырган. Өздөштүрүлбөгөн сумманын калдыгы 544 742,1 миң сомду түзгөн.

Аудиттин жүрүшүндө "Жагалмай" ЖЧК подряддык компаниясы тарабынан Контракттын 3.1.1. пунктунун 14-абзацын бузуу менен, өндүрүштүк иштердин графиктери сакталбагандыгы аныкталган, анда Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 356, 359-беренелеринин, 2023-жылдын 12-июлундагы № 03/23-214 Контрактынын 9.1. пунктунун негизинде, негизги иштерди өз убагында аткарбагандыгы үчүн (курулуш иштеринин графигинен артта калуу) 2024-жылдын 31-декабрына карата "Жагалмай" ЖЧК подряддык компаниясына жалпы **92 958,4** миң сом үстөк айып эсептелди.

Ошондой эле, "Жагалмай" ЖЧКсы тарабынан негизги курулуш иштерин аткаруу графигинен четтөө, контракттын наркынын кымбатташына алып келерин белгилей кетүү зарыл.

**Сунуштама**

1. Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 356, 359-беренелеринин, 2023-жылдын 12-июлундагы № 03/23-214 Контракттын 9.1. пунктунун негизинде, негизги иштерди өз убагында аткарбагандыгы үчүн (курулуш иштеринин графигинен артта калуу) 2024-жылдын 31-декабрына карата жалпы 92 958,4 миң сом "Жагалмай" ЖЧКсына эсептелген үстөк айыпты өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

"Кыргызжолтрансдолбоор" мамлекеттик ишканасынын консультанты менен биргеликте курулуш иштеринин графигинин аткарылышына көзөмөл күчөтүлсүн.

2. *Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине* Жол чарба департаменти боюнча подрядчыларга 245,5 млн сом суммасында үстөк айып эсептелгени боюнча маалымат жөнөтүлсүн.

**Аныкталды/корутунду**

2024-жылдын титулдук тизмесине ылайык, төмөнкү иштер аткарылган:

- 3/39 даана/п.м көпүрөлөрдү (анын ичинде жер үстүндөгү өтмөктөрдү) курууга-36 537,6 миң сом;

- Парапеттердин түзүлүшү (анын ичинде металл тилкелерин орн.) 55 913,1 миң сом;

- Тротуарларды курууга-3 119,0 миң сом;

- Светофорлорду орнотууга-14 059,0 миң сом.

Бардыгы-101 628,8 миң сом.

Бирок, Жол чарба департаменти тарабынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 138, 141-143-пункттарын бузуу менен, чыгымдарды капитализациялоо (капиталдык ондоо) жүргүзүлгөн эмес б.а. бул чыгымдарды негизги каражаттын наркын көбөйтүүгө эсептөө.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 138, 141-143-пункттарын аткаруу максатында, 36 537,6 миң сомго курулган көпүрөлөр (анын ичинде жер үстүндөгү өтмөктөр) 3/39 даана/п.м., 55 913,1 миң сомго түзүлгөн парапеттер (анын ичинде металл тилкелерин орнотуу), 3 119,0 миң сомго курулган тротуарлар, 14 059,0 миң сомго орнотулган светофорлор, жалпы 101 628,8 миң сомду түзгөн негизги каражаттар бухгалтердик эсеп боюнча негизги каражаттардын бирдиги катары коюлсун жана тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/корутунду**

КР ТКМдин 2024-жылдын 20-сентябрындагы № 243 "Бишкек-Ош унаа жолунун 8,5-61 км Бишкек-Кара-Балта участогун экплуатациялоого кабыл алуу жөнүндө" буйругунун, Жол чарба департаментинин 2024-жылдын 30-сентябрындагы №29-ОД "Жумушчу комиссия түзүү жөнүндө" буйругунун, "ЦАРЭС-3 коридорун жакшыртуу долбоору (Бишкек-Ош автожолу, фаза-4" Бишкек-Ош автомобиль жолунун “Бишкек-Кара-Балта 8,5-61 км участогу” аткарылган долбоору боюнча негизги фонддор 2024-жылдын 25-декабрындагы кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде, Жол чарба департаментинин балансына кабыл алынган. Кабыл алынган активдин наркы 8 308 086,6 миң сомду түзгөн.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 146-пунктун бузуу менен, Бишкек-Ош автомобиль жолунун Бишкек-Кара-Балта 8,5-61 км участогу объектисинде колдонуунун ар түрдүү мөөнөтү болгон инвентардын бир нече бөлүктөрдөн ар кандай диаметрдеги т/б трубалар, т/б лотоктор (сол жагы/оң жагы), борттук таштар, жол белгилери, парковкалар (парапет, автолавка, көпүрөлөр, трубалар ж.б.) жалпы **1 667 103,4** миң сомго бухгалтердик эсеп боюнча өз алдынча инвентардык объект катары эсепке алынган эмес.

*Аудиттин жүрүшүндө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун 146-пунктунун талаптарына ылайык, Жол чарба департаменти тарабынан Бишкек-Ош автомобиль жолунун Бишкек-Кара-Балта 8,5-61 км участогу объектисинде 1 667 103,4 миң сомго инвентарлар бөлүштүрүлдү жана материалдык эсеп боюнча тийиштүү өткөрүүлөр берилди.*

**Сунуштама**

Мындан ары, материалдык эсеп Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан

бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды/корутунду**

Жол чарба департаментинин балансынын "дебитордук карыз жөнүндө маалымат" түшүндүрмө катынын 6-тиркемесине ылайык, дебитордук карыз 5 120 381,5 миң сомду түзгөн.

Ири дебитордук карыздын пайда болушу 2021-2023-жылдардагы Балыкчы-Бөкөнбаев-Каракол, Ала-Бука-Жаңы-Базар-Кировка, Көк-Таш-Аксай-Тамдык, Космонавттар 660 км чейин Бишкек-Ош, Балыкчы-Чолпон-Ата-Корумду автомобиль жолдорун куруу жана реконструкциялоо объектилери боюнча авансгар төлөнгөндүгү менен түшүндүрүлөт, анда подряддык компаниялар тарабынан курулуш иштери келишимдердин (контракттардын) шарттарын бузуу менен, курулуш иштеринин графигинен артта калуу менен жүрүүдө.

**Сунуштама**

Курулуш иштерин өз убагында аяктоо камсыздалсын, ошондой эле, жумуштардын жана материалдардын кымбатташына жол бербөө максатында, контракттарда каралган ченемдерге ылайык, подряддык компанияларга жана "Кыргызжолтрансдолбоор" мамлекеттик ишканасынын консультантына карата айыптык жана башка санкциялар колдонулсун. Подряддык компаниялар тарабынан акы төлөөгө сертификаттардын (аткарылган иштердин актылары, аткаруу документтери) өз убагында берилишине көзөмөл күчөтүлсүн.

**Курулуш иштери боюнча (Жол чарба департаменти)**

**Аныкталды/корутунду**

Аткарылган иштердин көлөмүнүн тууралыгына жана көрсөтүлгөн чыгымдардын негиздүүлүгүнө жүргүзүлгөн аудитте, курулуш-куроо жана оңдоо иштеринин көлөмү төмөндөгү объектилер боюнча **19 322,9** миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталган, анын ичинде:

- “Чоң-Арык-Ала-Арча ж/п автожолунда ПВХ тосмолорун орнотуу” объектиси боюнча, аткарылган иштердин актысына оор бетонду негизсиз кошуунун эсебинен подрядчы №25 ЖТИ филиалы тарабынан 251,6 миң сомго;

- субподрядчы “Ысык-Көл дорстрой” ЖЧКсы тарабынан “Узундугу 3 км Чоң-Арык-Ала-Арча-ж/п автожолунун тротуарларын (веложол жана лотокторду) орнотуу” объектиси боюнча, карьерден объектиге чейин ташууда, аралыкты 10 км негизсиз көбөйтүүнүн эсебинен 201,5 миң сомго;

- субподрядчы “ПромЭнергоСервис” ЖЧКсы тарабынан “Панфилов району, Бишкек-Чалдовар 91-91,7 км (Чалдовар КӨП) узундуктагы Бишкек-Чалдовар автомобиль жолунун участогун реконструкциялоо” объектиси боюнча карьерден объектиге чейин аралыкка ташууда, аралыкты 5 км негизсиз көбөйтүүнүн эсебинен 459,5 миң сомго;

- “Чүй району, Токмок-Кошой, узундугу 2 км автожолуна асфальт-бетон төшөө” объектиси боюнча, демонтаждалган эски асфальтбетонду таштандыга ташууда, аралыкты 8 км негизсиз көбөйтүүнүн эсебинен подрядчы №34 ЖТИ филиалы тарабынан 137,1 миң сомго;

- “Жети-Өгүз району, Сүттүү-Булак-Мундуз-Бозбешик узундугу 5,8 км автожолуна асфаль-бетон төшөө” №35 ЖТИ филиалынын өз күчү менен аткарылган объектиси боюнча, контролдук өлчөөнүн жыйынтыгында, жолдун четин куруу үчүн топурактын иш жүзүндөгү чыгымы 165 м3 түзгөн, ошону менен көлөмдүн жогорулатылышы 41,8 миң сомду түзгөн;

- СК “ДорКурулушПлюс” ЖЧК субподрядчы тарабынан аткарылган ”Узундугу 3,6 км Каракол шаарынын И. Кучуков шоссесин реконструкциялоо” объектиси боюнча, контролдук өлчөөнүн жыйынтыктарында, пайдаланылган бетондун иш жүзүндөгү өлчөмү 253,8 м3 (АИА боюнча 299,1 м3) түзгөн, ошону менен көлөмдүн жогорулатылышы 217,2 миң сомду түзгөн;

- “Кочкор районунун Бердалиев, Орто-Сай, Москва, М.Бостонкулов көчөлөрүн асфальтбетон менен жабуу” объектилери боюнча №955 ЖТИ тарабынан өз күчү менен иштер аткарылган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 18-майындагы №4-чуа буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагында курулуштун наркын аныктоочу усулдук көрсөтмөнүн талаптарын бузуу менен, жолдор капиталдык оңдоодон өткөрүлгөндүгүнө карабастан, пайданын сметалык өлчөмү жаңы курулуштагыдай кабыл алынган. Жолдорду жана курулмаларды капиталдык оңдоодон өткөрүүдө, эмгек акы фондунун сметалык пайдасынын өлчөмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин усулдук көрсөтмөсүнө ылайык, 15%га азайтууга тийиш болчу, ошону менен аткарылган иштердин көлөмүнүн жогорулатылышы 122,6 миң сомду түзгөн;

- подрядчы “ДорСтройГрупп” ЖЧКсы тарабынан аткарылган “Сокулук районунун Ак-Ордо-3 жаңы конушундагы Ажиматов көчөсүндө узундугу 1500 м. жол куруу” объектиси боюнча В30 маркасындагы бетонду колдонуу менен 768,5 миң сомго бекемдөө иштери иш жүзүндө аткарылган эмес;

- подрядчы “Жалалабад СМУтт" ЖАКсы тарабынан аткарылган ”Узундугу 24,5 км Көк-Таш – Аксай – Тамдык автожолунун курулушу” объектиси боюнча курулуш-куроо иштеринин көлөмү жогорулатылган жана курулуш материалдарынын наркын эсептөөдө жогорулатылган пайыздар 2 395,5 миң сомго колдонулган;

- подрядчы “Кыргызавтожол” мамлекеттик ишканасы (№12 ЖТИ) тарабынан аткарылган “Аксы районундагы Кара-Жыгач-Сары-Челек автожолуна узундугу 15 км асфальт-бетон төшөө” объектиси боюнча асфальт-бетон аралашмасынын наркы 1 973,3 миң сомго негизсиз жогорулатылгандыгы аныкталган;

- субподрядчы “Барсбек Каган и КО” ЖЧКсы тарабынан аткарылган ”Базар-Коргон-Арстанбап 39+400-41+400 км узундугу 2 км автожолун капиталдык оңдоо” объектиси боюнча заводдон асфальтбетон объектисине чейинки аралыкты 10 км негизсиз көбөйтүүнүн эсебинен 141,5 миң сомго;

- субподрядчы “ДОРТЕХСТРОЙ” ЖЧКсы тарабынан аткарылган “Өзгөн районунун Мырза-Аке-Комсомол (Кара-Баткен) узундугу 3 км жолун

асфальтобетон менен жабуу” объектиси боюнча 900,6 миң сомдук жолду белгилөө иштери иш жүзүндө аткарылган эмес;

- субподрядчы “Токошев” ЖЧКсы тарабынан аткарылган “Өзгөн районунун Мырза-Аке айылынын А.Токтосунов, С. Тургунбаев көчөлөрүнүн узундугу 1 км оңдоо” объектиси боюнча 39 м3 монолиттүү фундаменттерди, түтүктөрдү, тирөөчтөрдү жана көпүрөлөрдү куруу боюнча иштер, анын ичинде 39,78 м3 бетондун наркы, 412,7 миң сомго иш жүзүндө аткарылган эмес;

- субподрядчы “Элит Аймак Курулуш” ЖЧКсы тарабынан аткарылган “Керме-Тоо айылынын Каримов (1,0 км) жана Аттокуров (0,4 км) көчөлөрүн асфальтбетон менен жабуу” объектиси боюнча шагыл төшөлгөндө, долбоордо көрсөтүлгөн 40-20 мм фракциядагы кум-шагыл аралашмасынын катмарынын талап кылынган калыңдыгынан ашкан өлчөмдөгү таштарды колдонуу аныкталган, анда иштин көлөмүнүн жогорулатылышы 51,4 миң сомду түзгөн;

- субподрядчы “Амантур Строй сервис” ЖЧКсы тарабынан аткарылган “Ак-Терек-Папан-Кожокелен автожолунун 0+7,5 км участогу” объектиси боюнча “Жер казынасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын - беренесинин 35-пунктун бузуу менен, кум-шагыл аралашмасынын наркын төлөө негизсиз берилген, бирок, Мамлекеттик автомобиль жолдорун курууда, кум-шагыл аралашмасы жана топурак үчүн акы алынбайт, мында иштин көлөмүнүн жогорулатылышы 2 767,4 миң сомду түзгөн;

- субподрядчы “Вега Строй ЛТД” ЖЧКсы тарабынан аткарылган ”Сузак районунун Барпы а/а Ташиев Кыдырша көчөсүнүн узундугу 2,55 км автожолун реконструкциялоо” объектиси боюнча контролдук ченөөдө колдонулган бетондун иш жүзүндөгү өлчөмү 73,8 м3 түзгөн, аткарылган иштердин актысы боюнча 105,4 м3, баасы 5 196,88 сомдон 547 434,97 сомду түзөт, ошону менен иштердин көлөмүн жогорулатылышы 213,4 миң сомду түзгөн;

- субподрядчы "Аэродромдорстрой” ААКсы тарабынан аткарылган “Узундугу 5,4 км Сузак, Сузак-Кара-Дарыя автожолун реконструкциялоо” объектиси боюнча тротуардык жана жол бордюрларын орнотууда, бетондун көлөмү 321,9 миң сомго жогорулатылган.

- субподрядчы “Абий” ЖЧКсы тарабынан аткарылган “Сузак районунун Барпы а/а Таш-Дөбө айылындагы Т.Камчыбеков көчөсүн асфальттоо” объектиси боюнча жолдун узундугун жана туурасын 35,1 миң сомго көбөйтүүнүн эсебинен иштин көлөмүнүн жогорулатылгандыгы аныкталган;

- субподрядчы “ЖУМА НУР” ЖЧКсы тарабынан аткарылган “Ноокат району Жийде-Ак-Өтөк а/а 1,8 км мектеп каттамы Бор-баш уч. 1,3 км узундугу 3,2 км автожолуна асфальт-бетон төшөө” объектиси боюнча жолдун туурасын көбөйтүүнүн эсебинен жумуштардын көлөмү 198,7 миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталган;

- подрядчы №2 Жол-курулуш башкармалыгы тарабынан аткарылган “Ош-Баткен-Раззаков жолунун курулушу” объектиси боюнча, иш жүзүндөгү ташуу аралыктарына салыштырмалуу жогорулатылган аралыктар аныкталган, мында иштин көлөмүнүн жогорулатылышы 276,0 миң сомду түзгөн;

- Өндүрүштүк-инновациялык борбор тарабынан аткарылган “Каракөл” контролдук пунктун модернизациялоо объектиси боюнча орнотулган материалдардын саны 105,8 миң сомго жогорулатылган;

-“Элеганс Строй Сервис” ЖЧКсы тарабынан аткарылган ”Сосновка” көзөмөл пунктун оңдоо” объектиси боюнча орнотулган прожекторлордун 5 даанасынын саны 91,8 миң сомго жогорулатылган *(аудиттин жүрүшүндө 2025-жылдын 11-сентябрындагы № 370800051 накталай төлөм аркылуу квитанция менен* 91,8 миң сом *калыбына келтирилген*);

- Өндүрүштүк-инновациялык борбор тарабынан аткарылган ”Сосновка” контролдук пунктунун курулушу” объектиси боюнча орнотулган материалдардын саны 114,7 миң сомго жогорулатылган;

- Каракол шаарынын жол чарбасы муниципалдык ишканасы тарабынан аткарылган “Балыкчы-Ананьево-Каракол автожолун асфальттоо” объектиси боюнча, ишкананын конкурстук табыштамасына салыштырмалуу битумдун баасы жогорулатылгандыгы аныкталган, жол катмарынын (полотно) негизи 5 см ге жогорулатылган, мында иштин көлөмүн жогорулатуу 2 998,0 миң сомду түзгөн;

- “Гранд-Универсалстрой” ЖЧКсы тарабынан аткарылган “Чолпон-Ата шаарындагы мамлекеттик резиденциянын аймагын асфальттоо (көрктөндүрүү)” долбоору боюнча ”Гранд-Универсалстрой” ЖЧКсы аткарылган иштердин актыларында кошумча нарк салыгы көрсөтүлгөн, бирок ”Гранд-Универсалстрой” ЖЧКсы КНС төлөөчү болуп эсептелбейт, мында иштин көлөмүнүн жогорулатылышы 1 793,1 миң сомду түзгөн;

-“ТрансстройдорСервис” ЖЧКсы аткарган “Бөкөнбаев-Көл-Төр-Дөн-Талаа (Көл-Тор-Конур-Өлөң участогу) жана (Коңур-Өлөң-Талды-Булак участогу) автомобиль жолун асфальттоо” долбоору боюнча жолдун четин 10 см калыңдыктагы шагыл аралашмасы менен 590м2 жана шагыл-кум аралашмасы менен (ГПС) 42,8 м3 көбөйтүүнүн эсебинен иштин көлөмүнүн 60,2 миң сомго жогорулатылгандыгы аныкталган;

- ”Гранд-Универсалстрой” ЖЧКсы тарабынан аткарылган “Каракол шаарындагы автобекеттин аймагын көрктөндүрүү” долбоору боюнча ташылган жана орнотулган таштар, бетондор 233,4 миң сомго жогорулатылган;

- №50 Жол-эксплуатациялык ишканасы филиалы тарабынан аткарылган “Таш-Булак айылынын узундугу 1,3 участогу автожолун асфальт-бетон төшөө” объектиси боюнча иш жүзүндө аткарылган иштерге шайкеш келбегендиги аныкталды, автожолдун туурасына 10 см асфальттын төшөлүшү, аткарылган иштердин актысына караганда аз, ошону менен иштердин көлөмүнүн жогорулатылышы 56,0 миң сомду түзгөн (*аудиттин жүрүшүндө 2025-жылдын 21-августундагы №5391/RCAS/13/11 төлөм тапшырмасы менен калыбына келтирилген);*

- башкы подрядчы “Кыргыз Жол Курулуш” ЖЧКсы аткарган “Балыкчы-Бөкөнбаев-Каракол автожолун (0 км-96,37 км чейинки участок) реконструкциялоо” долбоору боюнча негизги катмарды толтурууда, субстандарттык материалды, атап айтканда долбоордо көрсөтүлгөн карьерден

алынган 0-80 мм. фракциянын үзгүлтүксүз гранулометриясынын кум-шагыл материалынын катмарынын талап кылынган калыңдыгынан ашкан өлчөмдөгү таштарды колдонуу аныкталган, анда иштин көлөмүнүн жогорулатылышы 1 982,6 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

1. Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жол чарба департаментине, курулуш-куроо жана оңдоо иштеринин аныкталган жогорулатылган көлөмдөрүн, подрядчылардын жана субподрядчылардын аткарган иштеринин көлөмүнөн **11 748,1** миң сомго алып салуу камсыздалсын, анын ичинде:

- №25 ЖТИ филиалы -251,6 миң сом;
- “Ысык - Көл дорстрой” ЖЧКсы - 201,5 миң сом;
- “ПромЭнергоСервис” ЖЧКсы - 459,5 миң сом;
- №34 ЖТИ филиалы - 137,1 миң сом;
- №35 ЖТИ филиалы - 41,8 миң сом;
- СК “ДорКурулушПлюс” ЖЧКсы - 217,2 миң сом;
- №955 ЖТИ филиалы - 122,6 миң сом;
- “ДорСтройГрупп” ЖЧКсы - 768,5 миң сом;
- “Барсбек Каган и КО” ЖЧКсы - 141,5 миң сом;
- “ДОРТЕХСТРОЙ” ЖЧКсы- 900,6 миң сом;
- “Токошев” ЖЧКсы - 412,7 миң сом;
- “Элит Аймак Курулуш” ЖЧКсы -51,4 миң сом;
- “Амантур Строй сервис” ЖЧКсы – 2 767,4 миң сом;
- “Вега Строй LTD” ЖЧКсы - 213,4 миң сом;
- “Аэродромдорстрой” ААКсы - 321,9 миң сом;
- “Абий” ЖЧКсы - 35,1 миң сом;
- “ЖУМА НУР” ЖЧКсы - 198,7 миң сом;
- № 2 Жол куруу башкармалыгы- 276,0 миң сом;
- Өндүрүштүк-инновациялык борбор - 220,5 миң сом;
- “Гранд-Универсалстрой” ЖЧКсы – 1 793,1 миң сом;
- “Гранд-Универсалстрой” ЖЧКсы - 233,4 миң сом;
- “Кыргыз Жол Курулуш” ЖЧКсы – 1 982,6 миң сом.

КР Транспорт жана коммуникация министрлигине караштуу Жол чарба департаменти тарабынан, курулуш-куроо жана оңдоо иштеринин аныкталган жогорулатылган көлөмдөрүн подрядчылардан жана субподрядчылардан **7 427,0 миң сом** акча каражаттарын бюджетке калыбына келтирүү камсыздалсын:

- “Жалалабад СМУтт” ЖАКсынан – 2 395,5 миң сом;
- “Кыргызавтожол” МИ (№12 ЖТИ) – 1 973,3 миң сом;
– Каракол шаарынын Жол чарба муниципалдык ишканасы – 2 998,0 миң сом;
- “ТрансстройдорСервис” ЖЧКсы - 60,2 миң сом.

2. *Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине:* башкы подрядчы “Кыргыз Жол Курулуш” жоопкерчилиги

чектелген коому тарабынан аткарылган “Балыкчы-Бөкөнбаев-Каракол автожолун (0 км-96,37 км чейинки участок) реконструкциялоо” долбоору боюнча иштин көлөмүнүн 1 982,6 миң сомго жогорулатылышы жөнүндө укуктук баа берүү үчүн тиешелүү аудит материалдары жөнөтүлсүн.

**Аныкталды/корутунду**

Аткарылган иштердин көлөмүнүн тууралыгына жана көрсөтүлгөн чыгымдардын негиздүүлүгүнө жүргүзүлгөн аудитте жалпы **26 034,6** миң сомго иштердин дефекттери аныкталган, анын ичинде:

- субподрядчы “ПромЭнергоСервис” ЖЧКсы тарабынан аткарылган “Панфилов району, Бишкек-Чалдовар автомобиль жолунун 91-91,7 км (Чалдовар КӨП) участогун реконструкциялоо” объектиси боюнча, контролдук өлчөөнүн жыйынтыктары боюнча пайдаланылган бетондун иш жүзүндөгү өлчөмү 111,06 м3 (АИА боюнча 126,81 м3) түзгөн, ошону менен көлөмдүн жогорулатылышы 138,1 миң сомду түзгөн;

- “Узундугу 3,6 км Каракол шаарынын И. Кучуков шоссесин реконструкциялоо” объектиси боюнча субподрядчы СК ”ДорКурулушПлюс” ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштердин сапаттык жактан бекемделбеген жантаймалардын көлөмү 250 м2, же 124,0 миң сомду түзгөн;

- №7 ЖТИнин өз күчү менен аткарылган “Ысык-Көл району, пансионаттарга кирүүчү жолдорду асфальтбетон менен жабуу” объектилери боюнча, аткарылган иштердин актысына жолдун четин бекемдөө боюнча 108,1 миң сомго аткарылбаган көлөмдөр киргизилген;

- “Узундугу 11,3 км Бирдик-Арал-Карл Маркс автомобиль жолун капиталдык оңдоо” объектиси боюнча субподрядчы “Сармат” ЖЧКсы тарабынан 2024-жылдын ноябрындагы жыйынды актыга ылайык, Көпүрөлөр 6-56-пункттун 6-бөлүгүндө, 380,0 миң сомго иштер долбоордук документтерден четтөө менен аткарылган;

- подрядчы “Дорстройгрупп” ЖЧКсы тарабынан аткарылган “Сокулук районунун Ак-Ордо-3 жаңы конушундагы Ажиматов көчөсүнүн узундугу 1500 м. жол куруу” объектиси боюнча 327 м2 аянтка 359,8 миң сомго асфальт-бетон төшөөнүн дефектиси аныкталган;

– подрядчы “Вега-Строй Лтд” ЖЧКсы аткарган “Бишкек – Ош автожолунун (660 км, Ош-Кара-Суу автожолу менен кесилиш) узундугу 3450 м. участогуна асфальт-бетон төшөө” объектиси боюнча БР-100.30.15 бордюру М-250 маркасындагы цементти колдонуу менен 30% дан кем эмес жабуучу милдеттүү “бетон кулпусу” менен орнотулууга тийиш, мында дефекттик иштердин наркы 375,7 миң сомду түзгөн;

- подрядчы “Лонг Хай” Циндао жолдор жана көпүрөлөр корпорациясы ЖЧКсы өкүлчүлүгү тарабынан аткарылган “Балыкчы-Чолпон-Ата-Корумду автомобиль жолдорун реконструкциялоо 0-103 км” объектиси боюнча бардыгы 5 471,3 миң сомго дефекттик иштер аныкталган, анын ичинде 128,6 миң сомго төшөлгөн асфальт-бетон жабуусунун тегиз эместиги, 5 075,1 миң сомго жолдун четин орнотуу боюнча иштер аткарылган эмес, эки тараптан тең 267,6 миң сомго бордюр блоктору орнотулган эмес;

- субподрядчы “Элит Аймак Курулуш” ЖЧКсы тарабынан аткарылган “Керме-Тоо айылынын Каримов (1,0 км) жана Аттокуров (0,4 км) көчөлөрүн асфальтбетон менен жабуу” объектиси боюнча аянты 50 м2 асфальт-бетон төшөлмөсүнүн чуңкуру жана үстүнкү катмарынын бузулушу пайда болгон, мында дефекттик иштердин суммасы 44,8 миң сомду түзгөн;

- субподрядчы “Ак-Жол Строй Нур” ЖЧКсы аткарган “Кеңеш-Жапалак а/жолунун 0,0-1,0 км участкаларында узундугу 1,0 км асфальтбетон катмарын куруу” объектиси боюнча аянты 210 м2 асфальт-бетон катмарынын чуңкуру жана үстүнкү катмарынын бузулушу пайда болгон, мында дефекттик иштердин суммасы 188,0 миң сомду түзгөн;

- субподрядчы “Вега Строй ЛТД” ЖЧКсы тарабынан аткарылган ”Узундугу 2,55 км Сузак районунун Барпы а/а Ташиев Кыдырша көчөсү автожолун реконструкциялоо” объектиси боюнча жолдун жээгинде төмөн түшүүлөр бар, б. а. алар кошулган жерлерде жолдун четинен жогору, мында контролдук өлчөөнүн жыйынтыктары боюнча дефекттик иштердин наркы 328,4 миң сомду түзгөн;

- подрядчы “Жума Нур” ЖЧКсы тарабынан аткарылган ”Кадамжай районунун Кан-Бурбалык 0-5км автожолун асфальтбетон менен жабуу” объектиси боюнча жолдун айрым участокторунда 239,0 миң сомго асфальт-бетон төшөлмөлөрүнүн чуңкурлары жана үстүнкү сыныктары пайда болгон;

- подрядчы №2 Жол-курулуш башкармалыгы тарабынан аткарылган “Ош-Баткен-Раззаков жолунун курулушу” объектиси боюнча бардыгы 6 241,0 миң сомго дефекттик иштер аныкталган, анын ичинде: жолдордун айрым участкаларында жолдун четин курууда (30% га чейин) долбоордо көрсөтүлгөн 0-40 фракциянын өлчөмүнөн ашкан, таштар менен шагыл салууга жол берилген, 1 269,0 миң сомго автожолдун бүткөрүлгөн бөлүгүнүн трассасы түзүлгөн, 4 972,0 миң сомго автожолдун чөгүп кетиши, жолдун бүткөрүлгөн бөлүгүнүн тегиз эместиги пайда болгон;

- башкы подрядчы “Кыргыз Жол Курулуш” ЖЧКсы тарабынан аткарылган “Балыкчы-Бөкөнбаев-Каракол автожолун (0 км-96,37 км чейинки участок) реконструкциялоо” долбоору боюнча бардыгы 12 036,4 миң сомго дефекттик иштер аныкталган, анын ичинде: 10 615,6 миң сомго кюветанын түбүнүн туурасы сакталган эмес жана долбоор боюнча талап кылынган 1 420,8 миң сомго туурасынан кеткен эңкейиштер сакталган эмес.

**Сунуштама:**

1. КР Транспорт жана коммуникация министрлигине караштуу Жол чарба департаментине, подрядчылардын жана субподрядылардын эсебинен бардыгы **26 034,6** миң сомго аныкталган дефекттик иштерди жоюу камсыз кылынсын:

- “ПромЭнергоСервис” ЖЧКсы - 138,1 миң сом;
- СК “ДорКурулушПлюс” ЖЧКсы - 124,0 миң сом;
- №7 ЖТИ филиалы - 108,1 миң сом;
- “Сармат” ЖЧКсы - 380,0 миң сом;
- “ДорСтройГрупп” ЖЧКсы - 359,8 миң сом;
- “Вега-Строй Лтд” ЖЧКсы - 375,7 миң сом;

- “Лонг Хай” Циндао жолдор жана көпүрөлөр корпорациясы ЖЧКсы өкүлчүлүгү – 5 471,3 миң сом;

- “Элит Аймак Курулуш” ЖЧКсы - 44,8 миң сом;

- “Ак - Жол Строй Нур” ЖЧКсы - 188,0 миң сом;

- “Вега Строй LTD” ЖЧКсы - 328,4 миң сом;

- “Жума Нур” ЖЧКсы - 239,0 миң сом;

- №2 Жол куруу башкармалыгы – 6 241,0 миң сом;

- “Кыргыз Жол Курулуш” ЖЧКсы – 12 036,4 миң сом.

**2.** *Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине:* башкы подрядчы “Кыргыз Жол Курулуш” жоопкерчилиги чектелген коому тарабынан аткарылган “Балыкчы-Бөкөнбаев-Каракол автожолун (0 км-96,37 км чейинки участок) реконструкциялоо” долбоору боюнча 12 036,4 миң сомду түзгөн дефекттик иштер жөнүндө укуктук баа берүү үчүн тиешелүү аудит материалдары жөнөтүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы Жол фонду боюнча**

**Аныкталды/корутунду**

Божомолго ылайык, 2024-жылдын түшүүлөрү 3 981,3 млн сомду түзгөн. Бирок, 2024-жылга бюджетке кирешелердин иш жүзүндө түшүүлөрү 5 846,8 млн сомду түзгөн, бул болжолдонгон көрсөткүчтөн 1 865,5 млн сомго көп. Мында, киреше 5 846,8 млн сомду түзгөндүгүнө карабастан, такталган смета боюнча каржылоого 5 086,3 млн сом каралган, башкача айтканда 760,5 млн сомго аз.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан Жол фондунун жетишсиз каржыланышы 760,5 млн сомду түзгөн.

**Сунуштама**

Мындан ары Жол фондунун бюджетинин чыгаша бөлүгүнө пайдаланылбаган каражаттардын калдыгын кошуу (кароо) боюнча иштер жүргүзүлсүн.

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине:*

2024-жылы Жол фондунун 760,5 млн сомго такталган, бирок каржыланбаган каражаттарын толук каржылоо боюнча маселеси каралсын.

## Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин ведомстволук бөлүнүштөрүндө жана мамлекеттик ишканаларында аныкталган бузуулар жана кемчиликтер боюнча

***Чыгашалар боюнча***

**Аныкталды /корутунду**:

**"Кыргызавтожол-Түндүк" МИнин** 2024-жылга карата жылдык бюджети, ишкананы өнүктүрүүнүн стратегиялык планы жок, үч жылдык мезгилге бекитилген, бирок, Уставдын 42-главасынын 6-пунктуна ылайык *Ишкана финансылык-чарбалык ишти стратегиялык өнүктүрүү планына жана анын негизинде иштелип чыккан жылдык бюджетке ылайык жүргүзөт,*

*стратегиялык өнүктүрүү планы Ишкана тарабынан үч жылдык мезгилге иштелип чыгат жана мамлекеттик башкаруу органы тарабынан бекитилет.*

"Кыргызавтожол-Түндүк" МИси өзүнүн финансылык-чарбалык ишин Уставдын талаптарын сактабастан, ошондой эле, иштин негизги артыкчылыктарын, товарларды өндүрүү пландарын, жумуштарды/кызмат көрсөтүүлөрдү, киреше жана чыгаша пландарын жана тобокелдиктерди талдоону аныктабастан жүргүзөт.

**Сунуштама:** финансылык план, кирешелер жана чыгашалар, ошондой эле, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүү планы боюнча стратегиялык өнүктүрүү планын "Кыргызавтожол-Түндүк" МИсинин Уставына ылайык иштеп чыгуу жана аны тиешелүү мамлекеттик орган тарабынан бекитүү каралсын, ошондой эле туруктуу негизде өнүгүүнүн стратегиялык планын ишке ашырууга талдоо жана мониторинг жүргүзүлсүн.

**Аныкталды /корутунду**:

Чыгашаларды талдоо көрсөткөндөй, 2024-жылы **206,1 миң сомго** пландык эмес чыгашалар жүргүзүлгөн, ошону менен бирге, акча каражаттары натыйжасыз жана сарамжалсыз пайдаланылган: **“Кыргызавтожол-Түштүк” МИнин № 2 Жол тейлөө ишканасы филиалы** - 92,5 миң сомго социалдык төлөмдөрдү өз убагында чегербегендиги үчүн туум жана **№ 13 Жол тейлөө ишканасы филиалы** - 113,6 миң сомго социалдык төлөмдөрдү өз убагында чегербегендиги үчүн туум жана МАИге айып пул төлөнгөн.

**Сунуштама:** Натыйжасыз чыгымдарды, анын ичинде чегерүүлөр жана мамлекеттик фонддор менен эсептешүүлөр боюнча милдеттенмелерди өз убагында аткаруу жолу менен айыптарды жана туумдарды төлөө менен байланышкан чыгымдарды азайтуу боюнча ички көзөмөл күчөтүлсүн.

***Кассалык жана банктык операциялар боюнча***

**Аныкталды /корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2023-жылдын 29-декабрындагы №737/67-7 “2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программаны бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча 2023-2027-жылдарга инновациялык ыкмаларды (электрондук акча, интернет-банкинг, мобилдүү банкинг, QR-коддору (эки өлчөмдүү штрихкод) төлөмдөрдү жүргүзүүнү колдонуу менен иш-чаралар планы бекитилген.

Бирок, **"Кыргызжолтрансдолбоор", "Кыргыз автобекети" мамлекеттик ишканаларында жана "Ысык-Көл автовокзалы" филиалында** көрсөтүлгөн кызматтар үчүн акча каражаттарынын түшүүсү квитанциялардын негизинде накталай формада жүргүзүлгөн. Ишканалардын жана филиалдардын кассасына келип түшкөн акча каражаттары кассадан чарбалык жана өндүрүштүк муктаждыктарга чыгымдалат (тейлөөчү банктын мекемелерине толугу менен тапшырылбайт).

Мындан тышкары, аудит мезгилинде **“Кыргызавтожол-Түндүк” МИнин № 34 Жол тейлөө ишканасы филиалында** 1 579,7 миң сом суммасында накталай акча каражаттары эсепке берме сумма катары берилген.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2023-жылдын 29-декабрындагы №737/67-7 “2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программаны бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык, накталай эмес төлөмдөрдө ар кандай формаларды жана инструменттерди колдонуу каралсын.

***Эмгек акы жана башка төлөмдөр боюнча***

**Аныкталды /корутунду**:

Юридикалык жак тууралуу 2022-жылдын13-июнундагы № 51472-3301 маалымкатка (күбөлүккө) ылайык, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация министрлигине караштуу Өндүрүштүк-инновациялык борбору мамлекеттик мекеме Чүй-Бишкек юстиция башкармалыгында катталган.

Бирок, 2022-жылдын 1-августундагы № 434 “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомдорунун талаптарын жетекчиликке албайт.

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы "Өндүрүштүк-инновациялык борбор" мамлекеттик мекемеси жөнүндө жобонун 16-пунктуна ылайык, Борбор өндүрүштүк-чарбалык ишти жана финансылык ишти өз алдынча пландаштырууга укуктуу.

Ошону менен бирге, Борбор мамлекеттик ишкана болуп саналбайт, ал Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 11-сентябрындагы № 468 токтому менен бекитилген Мамлекеттик ишканалар жөнүндө жобонун 15-пунктуна ылайык, толук чарбалык эсеп жана өзүн-өзү каржылоо принциптеринде иштейт.

Ушуга байланыштуу, 2022-жылдын 1-августундагы № 434 “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомдорунун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы №346 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу "Өндүрүштүк-инновациялык борбор" мамлекеттик мекемеси жөнүндө” жобонун ортосунда карама-каршылыктар аныкталууда.

Жобого ылайык Борбордун түзүмү, штаттык саны, штаттык ырattaмасы жана чыгымдар менен кирешелердин сметасы Министрлик тарабынан бекитилет. Кызматкерлердин маяналары бекитилген суммада белгиленген, маянаны эсептөөдө, 7040 сом өлчөмүндөгү минималдуу базалык ставка жана эселик коэффициенттер колдонулбайт.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 28-мартындагы № 95 “Кыргыз Республикасынын бюджеттик чөйрөсүнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын өркүндөтүү жөнүндө” Жарлыгына ылайык: *“- 1. Төмөнкүлөр белгиленсин:*

*1) Кыргыз Республикасынын бюджеттик чөйрөсүнүн кызматкерлеринин кызматтык маяналарын эсептөө үчүн 7040 сом өлчөмүндө бирдиктүү базалык ставка колдонулат;*

*2) Кыргыз Республикасынын бюджеттик чөйрөсүнүн кызматкерлеринин кызматтык маянасы бирдиктүү базалык ставканы кызматтык маяналарга эселөө коэффициентине көбөйтүү жолу менен эсептелет;*

*3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети:*

*1) ушул Жарлыктын 1-пунктуна ылайык эки этапта бюджеттик чөйрөнүн кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттарын өркүндөтүү боюнча ишти жүргүзсүн:*

*- 2022-жылдын 1-апрелинен тартып - мамлекеттик жарандык кызматчыларды жана муниципалдык кызматчыларды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын социалдык чөйрөсүндөгү кызматчыларга;*

*- 2022-жылдын 1-августунан тартып - мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген кызматкерлерге, ошондой эле мамлекеттик мекемелерди, анын ичинде аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелерин тейлөөчү техникалык жана кенже тейлөөчү персоналга, күч блогунун бош жалданган жана жарандык персоналына”.*

Ошондой эле, 2022-жылдын 1-августундагы № 434 “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомуна ылайык: - *“1. Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлердин кызматтык маяналарын эсептөө үчүн негиз болуп саналган минималдуу базалык ставка 7040 сом өлчөмүндө белгиленсин”.*

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу "Өндүрүштүк-инновациялык борбор" мамлекеттик мекемесинде штаттык сандын чеги жана эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө нормативдик документтер иштелип чыккан эмес.

**Сунуштама:** *Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине:*

"Өндүрүштүк-инновациялык борбор" мамлекеттик мекемесинин эмгек акы төлөөнүн шарттары боюнча ченемдик укуктук актысын Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 28-мартындагы № 95 “Кыргыз Республикасынын бюджеттик чөйрөсүнүн кызматкерлеринин эмгек

акы төлөө шарттарын өркүндөтүү жөнүндө” Жарлыгына жана 2022-жылдын 1-августундагы № 434 “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтомуна ылайык иштеп чыгуусу камсыздалсын.

**Аныкталды /корутунду**:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобонун” 5-пунктунун ченемдерин бузуу менен, жумуш орундарын аттестациялоосуз, бардыгы **2 212,6 миң сомго** эмгек акыга кошумча эсептелген жана төлөнгөн, анын ичинде:

- “Кыргызавтожол-Түндүк” МИнин № 2 "Угут" асфальт-бетон заводу - 138,3 миң сомго, № 3 "Кочкор" асфальт-бетон заводу - 54,3 миң сомго, № 41 Жол тейлөө ишканасы филиалы - 36,9 миң сомго;

"Кыргызавтожол-Түштүк" МИси - 47,3 миң сомго; “Кыргызавтожол-Түштүк” МИнин № 26 Жол тейлөө ишканасы филиалы - 50,8 миң сомго, № 12 Жол тейлөө ишканасы филиалы - 791,0 миң сомго, № 52 Жол тейлөө ишканасы филиалы - 178,5 миң сомго, № 22 Жол тейлөө ишканасы филиалы - 546,5 миң сомго;

- "Өндүрүштүк - инновациялык борбору" мамлекеттик мекемеси - 369,0 миң сомго.

Мындан тышкары, Нарын облусунун жер жана суу транспорту башкармалыгында катчыга компьютерде иштөөнүн зыяндуу шарттары үчүн 25% өлчөмүндө 30,1 миң сомго кошумча төлөм эсептелген жана төлөнгөн.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген “Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмеги” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы №474 токтомуна ылайык компьютерде иштөөнүн зыяндуу шарттары үчүн кошумча төлөө токтотулган (42-главасынын 17-пункту күчүн жоготкон).

**Сунуштама:**

1. *Нарын облусунун жер жана суу транспорту башкармалыгында* компьютерде иштөөнүн зыяндуу шарттары үчүн 25% өлчөмүндө кошумча төлөм токтотулсун жана ага жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

2. *“Өндүрүштүк - инновациялык борбору” мамлекеттик мекемеси, “Кыргызавтожол-Түндүк” мамлекеттик ишканасынын № 2 “Угут” асфальт-бетон заводу, № 3 “Кочкор” асфальт-бетон заводу, № 41 Жол тейлөө ишканасы филиалы жана“Кыргызавтожол-Түштүк” мамлекеттик ишканасы жана анын № 26, № 12, № 52, № 22 Жол тейлөө ишканасы филиалдары:* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары

кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” жобонун талаптарына ылайык жумуш орундарына тиешелүү аттестация жүргүзүлүп, анын жыйынтыгы менен кошумча төлөмдөрдү жүргүзүү каралсын жана бул тартиптин сакталбагандыгы боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды /корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 19-мартындагы № 123 токтому менен бекитилген “Он үчүнчү эмгек акыны эсептөөнүн тартибинин” 7-пунктунун талаптарын бузуу менен, он үчүнчү эмгек акыны эсептөөдө, бир жолку материалдык жардам төлөмдөрү алынып салынган эмес, анда негизсиз чегерилген жана төлөнгөн он үчүнчү эмгек акынын суммасы бардыгы **244,0 миң сомду** түзгөн, анын ичинде: “Кыргызавтожол-Түштүк” МИнин № 21 Жол тейлөө ишканасы филиалы - 98,0 миң сомго, № 44 Жол тейлөө ишканасы филиалы - 118,0 миң сомго, № 45 Жол тейлөө ишканасы филиалы - 13,2 миң сомго, № 956 Жол тейлөө ишканасы филиалы -14,8 миң сомго.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 19-мартындагы № 123 токтому менен бекитилген “Он үчүнчү эмгек акыны эсептөөнүн тартибинин” 7-пунктунун талаптарын так сактоо боюнча ички көзөмөл күчөтүлсүн жана бул талаптын сакталбагандыгы боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды /корутунду**:

**“Кыргызавтожол-Түштүк” МИнин № 16 Жол тейлөө ишканасы филиалында** 13 кызматкердин бийик тоолуу жана алыскы зоналарда иштегендиги үчүн үстөк акысы жогорулатылгандыгы аныкталган, жогоруда аталган кызматкерлердин эмгек китепчелеринде фермердик чарбаларга мүчөлүгү жөнүндө жазуу бар, анда камсыздандыруу төгүмдөрү эсептелген эмес, бийик тоолуу жана алыскы зоналарда иштегендиги үчүн эмгек стажын белгилөө боюнча комиссия тарабынан эмгек стажын белгилөөдө, жогоруда көрсөтүлгөн жазуулар эске алынган жана үстөк пайызы жогорулатылган.

Бирок, Кыргыз Республикасынын "Бийик тоолуу шарттарда жана алыскы барууга кыйын зоналарда жашаган жана иштеген адамдар үчүн мамлекеттик гарантиялар жана компенсациялар жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесинде райондук коэффициент анын максималдуу өлчөмүн чектебестен, камсыздандыруу төгүмдөрү эсептелген эмгек акынын бардык түрлөрүнө чегерилет, деп көрсөтүлгөн, ошону менен кызматкерлердин эмгек стажын белгилөөдө, алардын фермердик чарбаларга мүчөлүгү боюнча камсыздандыруу төгүмдөрү эсептелбегендиги эске алынбай бийик тоолуу жана алыскы зоналарда иштегендиги үчүн негизсиз үстөктүн суммасы **132,5 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама**: бийик тоолуу жана алыскы зоналардагы иш стажына үстөк акыларды эсептөөдө Кыргыз Республикасынын "Бийик тоолуу шарттарда жана алыскы барууга кыйын зоналарда жашаган жана иштеген адамдар үчүн мамлекеттик гарантиялар жана компенсациялар жөнүндө" Мыйзамынын

талаптары жетекчиликке алынсын жана бул талаптын сакталбагандыгы боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды /корутунду**:

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 2-майындагы №238 токтому менен бекитилген "Жумушу мамлекеттик сырларга байланышкан жарандардын кызмат маяналарына пайыздык үстөктү төлөө тартиби жана шарттары жөнүндө" нускаманын 2-главасынын 3-пунктун бузуу менен, "Кыргызжолтрансдолбоор" МИсинин башкы инженерине 2023-жылдын 2-майында **56,2 миң сомго** 15% өлчөмүндө үстөк эсептелген.

**Сунуштама:** Жумуштун жашыруун мүнөзү үчүн үстөк акыны белгилөөдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 2-майындагы №238 токтому менен бекитилген "Жумушу мамлекеттик сырларга байланышкан жарандардын кызмат маяналарына пайыздык үстөктү төлөө тартиби жана шарттары жөнүндө нускаманын" талаптары жетекчиликке алынсын жана бул талаптын сакталбагандыгы боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды /корутунду**:

"2023-жылдын 23-январындагы **"Кыргызавтожол-Түндүк" мамлекеттик ишканасынын**, анын филиалдарынын кызматкерлеринин кызматтык маяналарына, тарифтик ставкаларына иштеген жылдары үчүн үстөк акыларды төлөө тартиби жөнүндө" Жобонун 4-пунктун бузуу менен, ишкананын кызматкерлеринин кызматтык маянасына иштеген жылдары үчүн үстөк акы, кызматкерлердин иш жүзүндөгү стажына караганда көбүрөөк белгиленгендиги аныкталган, бул иштеген жылдары үчүн үстөк акынын негизсиз көбөйүшүнө алып келген, бул өз кезегинде эмгек акы фондунун **231,0 миң сомго** негизсиз көбөйүшүнө алып келген.

Мындан тышкары, "Кыргызавтожол-Түштүк" МИси тарабынан 2024-жылы бекитилген "Кыргызавтожол-Түштүк" МИси, анын филиалдарынын кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттары жана эс алуу убактысы жөнүндө " Жобонун 33-пунктун бузуу менен, *№ 31 Жол тейлөө ишканасы филиалынын* адисине башка иш мезгилдеринин стажын аныктоо боюнча комиссиянын протоколусуз, иштеген жылдары үчүн **33,6 миң сом** суммасында үстөк эсептелген.

**Сунуштама:**

1. *"Кыргызавтожол-Түндүк" МИсине,* эмгек акы фондун негизсиз көбөйтүүгө жол бербөө үчүн, кызматтык маянага иштеген жылдары үчүн үстөк акыны төлөөнү, 2023-жылдын 23-январындагы "Кыргызавтожол-Түндүк" мамлекеттик ишканасынын филиалдарынын жана жол ишканаларынын кызматкерлеринин кызматтык маяналарына, тарифтик ставкаларына иштеген жылдары үчүн үстөк акыларды төлөө тартиби жөнүндө" жобонун 4-пунктуна ылайык жүргүзүү камсыздалсын жана бул жобонун талаптарынын сакталбаганы боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

2. *"Кыргызавтожол-Түштүк" МИсинин №31 ЖТИ филиалына*, кызматкерлердин эмгек стажын эсептөөдө, 2024-жылдагы "Кыргызавтожол-

Түштүк МИси тарабынан бекитилген “Кыргызатожол-Түштүк” МИнин, анын филиалдарынын кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттары жана эс алуу убактысы жөнүндө Жобонун" 33-пункту так жетекчиликке алынсын.

**Аныкталды/корутунду:** 2024-жылы аткарылган иштердин көлөмдөрүнөн ишканалардын кызматкерлеринин иш жүзүндө эмгек акыларын эсептөөнүн жана төлөп берүүсүнүн калыптанышына жүргүзүлгөн талдоодо, 2024-жылы ишканалардын кызматкерлеринин иш жүзүндө эмгек акыларын кошуп эсептөө жана төлөп берүүлөр, ишканалар иштеп тапкан аткарылган иштердин көлөмүнөн көп экендиги аныкталды, бирок, "Кыргызавтожол-Түндүк" жана “Кыргызавтожол-Түштүк” мамлекеттик ишканаларына караштуу ведомстволук ишканалардын кызматкерлеринин эмгек акысынын шарттары жана эс алуу убактысы жөнүндө бекитилген Жоболорго ылайык кызматкерлердин эмгек акысы толук аткарган иши үчүн төлөнөт, натыйжада эмгек акыны 112 676,1 миң сомго ашыкча төлөөгө алып келди, анын ичинен:

- "Кыргызавтожол-Түндүк" МИ - 108 893,3 миң сом;
- “Кыргызавтожол-Түштүк МИнын №30 ЖТИ филиалы - 189,2 миң сом жана №38 ЖТИ филиалы -3593,6 миң сом.

**Сунуштама:** Эмгек акыны негизсиз чегерүүгө жана төлөөгө, ошондой эле ашыкча төлөөгө жол бербөө максатында, "Кыргызавтожол-Түндүк" Мамлекеттик ишканасынын жана “Кыргызавтожол-Түштүк” Мамлекеттик ишканасынын №30, №38 Жол тейлөө ишканасы филиалдары туруктуу негизде эмгек акыны эсептөө тутумун көзөмөлдөө жана аткарылган иштердин көлөмүнө ылайык, эмгек акы төлөп берүү камсыз кылынсын.

**Аныкталды/корутунду**:

**“Кыргызавтожол-Түштүк” МИнин №2 Жол куруу башкармалыгы (№2 ЖКБсы)** тарабынан коюлган милдеттерди ыкчам жана өз убагында аткаруу үчүн келишимдик негизде 368 жумушчу, айдоочу, жабдуучу, механизатор, ашпозчу жана күзөтчү жалданган. "Кыргызавтожол-Түштүк" мамлекеттик ишканасынын жана ага караштуу ишканалардын кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө жана эс алуу убактысынын шарттары жөнүндө" Жобонун 4- главасынын 24 жана 25-пункттарынын талаптары (сааттык тариф, ыйгарым укуктуу орган тарабынан эсептелинген индекстер жана эмгек акы төлөөнүн келишимдик жана убакыттык системасы боюнча) сакталбастан, "Кыргызавтожол" мамлекеттик ишканасынын 2024-жылдын номери жок буйругу менен бекитилген, жогорудагы жумушчуларга келишимдердин негизинде коюлган суммалар менен эмгек акы төлөнүп берилген. 2024-жыл ичинде, жалпысынан **32 375,5** миң сом суммасы эсептелген.

**№2 ЖКБсы** тарабынан 2024-жылы "Кыргызавтожол-Түштүк" МИси бекиткен "Кыргызавтожол-Түштүк" МИнин, анын филиалдарынын кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттары жана эс алуу убактысы жөнүндө Жобонун" 5-главасы менен белгиленген эмгек акыга кошумча төлөмдөрдү белгилөө жана эсептөө тартиби сакталбастан эмгек акыга кошумча төлөмдөр **1086,1** миң сомду түзгөн.

**№ 2 ЖКБсы** тарабынан, жетекчинин чечим чыгаруу жана кызматкердин жазуу жүзүндөгү макулдугу бөлүгүндө, КР Эмгек кодексинин 57-беренесинин талаптарын бузуу менен, ашыкча иштегендиги үчүн негиз жок эмгек акыга кошумча эсептөө **445,1 миң сомду** түзгөн.

*"Кыргызавтожол-Түштүк" МИнин № 2 Жол тейлөө ишканасы филиалы* тарабынан 2024-жыл үчүн жетектөөчү адиске сатып алуулар боюнча адис менен кампа башчысын айкалыштыргандыгы үчүн кошумча акы эсептелинген, бирок айкалыштырып иштөө боюнча иштер жүргүзүлгөн эмес, мамлекеттик сатып алуулар боюнча отчеттор жана негизги кампанын кириши жана чыгымдалышы боюнча эсеп жүргүзүү берилген эмес. Натыйжада, 2024-жылы ашыкча төлөмдөр **69,9 миң сомду** түзгөн *(аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилген).*

*"Кыргызавтожол-Түштүк" МИнин № 31 Жол тейлөө ишканасы филиалы* тарабынан 2024-жылы жогорудагы жобонун 52-пунктун бузуу менен, пайда алынган шартта бир айлык маяна өлчөмүндө бир жолку сый акы төлөнөөрү көрсөтүлгөн, бирок, пайда алынбаган учурда **429,1 миң сомго** эмгек акы өлчөмүндө негизсиз сый акы чегерилип төлөнүп берилген.

*"Кыргызавтожол-Түштүк" МИнин № 52 Жол тейлөө ишканасы филиалы* тарабынан аталган жобонун 51-пунктун бузуу менен, эмгек акы төлөө фондунун үнөмдөөсү жок жана пайда алынбастан **234,6 миң сомго** он үчүнчү эмгек акы негизсиз чегерилген.

**Сунуштама:** *№2 Жол-курулуш башкармалыгы жана жол тейлөө ишканалары филиалдарына:* эмгек акыны, сыйлыктарды, үстөктөрдү жана кошумча төлөөлөрдү эсептөөдө, "Кыргызавтожол-Түштүк" МИ тарабынан 2024-жылы бекитилген "Кыргызавтожол-Түштүк" мамлекеттик ишканасынын, анын филиалдарынын кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттары жана эс алуу убактысы жөнүндө" Жобонун 4, 5 жана 6-главаларынын жана КР Эмгек кодексинин талаптары так жетекчиликке алынсын жана бул жобонун, КР Эмгек кодексинин талаптарынын сакталбагандыгы боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

***Командировкалык чыгымдар, отчет берүүчү жактар менен эсептешүүлөр боюнча***

**Аныкталды /корутунду**:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын жана алардын ордун толтуруунун тартибин белгилөө жөнүндө" токтомун төмөнкү филиалдар иш сапар чыгымдарды белгилөөдө колдонуп келген.

Аталган токтомдун 1-пунктунун талаптарын бузуу менен, жол кирege жана турак-жай ижаралоо боюнча чыгымдардын ордун толтуруунун ченемдерин туура эмес эсептөө учурлары аныкталган, атап айтканда, турак жайды ижаралоо боюнча жана жол кире боюнча **178,3 миң сомго** ашыкча төлөөлөр аныкталган, анын ичинде: "Кыргызавтожол-Түштүк" МИнин № 17 Жол тейлөө ишканасы филиалы 7 кызматкерге - 18,2 миң сомго *(аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилген);* - "Кыргызавтожол-Түштүк" МИнин № 27

Жол тейлөө ишканасы филиалы 3 кызматкерге - 18,2 миң сомго *(аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилген);* - “Кыргызавтожол-Түштүк” МИнин № 50 Жол тейлөө ишканасы филиалы 1 кызматкерге - 7,9 миң сомго *(аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилген);* - № 54 Жол тейлөө ишканасы филиалы 4 кызматкерге - 6,0 миң сомго *(аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилген);* - № 31 Жол тейлөө ишканасы филиалы 4 кызматкерге - 23,9 миң сомго *(аудиттин жүрүшүндө калыбына келтирилген);* - № 2 Жол куруу башкармалыгы 8 кызматкерге - 19,8 миң сомго.

Мындан тышкары, №2 Жол куруу башкармалыгы 2024-жылдын башына карата эсепке берме суммалар боюнча 2023-жылы иштен бошотулган башкармалыктын мастеринин 84,3 миң сомго дебитордук карызы бар, бул карыз менен ишканага зыян келтирилген.

**Сунуштама:** *№ 2 Жол куруу башкармалыгы,* иштен бошотулган башкармалыктын мастеринин 84,3 миң сом дебитордук карызын өндүрүү жана 19,8 миң сомго иш сапарга ашыкча чыгымдалган каражаттарын калыбына келтирүү камсыздалсын.

***Дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча***

**Аныкталды /корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 212-беренесине ылайык, доонун эскиришинин жалпы мөөнөтү үч жыл деп белгиленген.

Кредитордук карыздар боюнча аудитордук иш-чараларды жүргүзүүдө, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү берүүчүлөр тарабынан **291,7 миң сом** өлчөмүндө үч жылдан ашык талап кылынбаган БСКК (ГОКЗ) жана КАКК (ГОИД) суммалар бар экендиги аныкталган, анын ичинде: “Кыргызавтожол-Түштүк” МИнин № 12 Жол тейлөө ишканасы филиалы - 174,7 миң сомго, № 27 Жол тейлөө ишканасы филиалы - 22,0 миң сомго, № 50 Жол тейлөө ишканасы филиалы - 95,0 миң сомго. Аудиттин жүрүшүндө филиалдардын бухгалтердик кызматтары тарабынан бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлгөн жана бул суммалар жол-эксплуатациялык ишканалардын филиалдарынын киреше бөлүгүндө чагылдырылды.

**Аныкталды /корутунду:**

2025 – жылдын 1-январына карата “Кыргызавтожол-Түштүк” МИнин № 2 Жол тейлөө ишканасы филиалында дебитордук карыз – 74 103,6 миң сомду, № 13 Жол тейлөө ишканасы филиалында - 22 820,7 миң сомду жана № 46 Жол тейлөө ишканасы филиалында - 65 269,7 миң сомду түзгөн. Ал эми, кредитордук карыз №2 Жол тейлөө ишканасы филиалында – 6 896,9 миң сомду, №13 Жол тейлөө ишканасы филиалында – 34 646,4 миң сомду жана № 46 Жол тейлөө ишканасы филиалында - 56 809,4 миң сомду түзгөн.

№2 Жол тейлөө ишканасы филиалы тарабынан аудит субъектине жөнөтүлгөн жазма буйруктарды жана сунуштарды аткаруу бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 11 жана 12-пункттары сакталган эмес. Алсак, 16755,5 миң сом суммасындагы дебитордук карыз жоюлган эмес, ал 2023-жылдан бери “Дорсервис” ААКсында эсептелген, анткени, КР

Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы Жол чарба департаменти тарабынан аткарылган иштердин актылары кабыл алынган эмес.

**Сунуштама:**

*КР Транспорт жана коммуникациялар министрлигине жана "Кыргызавтожол-Түштүк" МИси жана анын филиалдарына:* дебитордук карызды жоюу боюнча чаралар көрүлсүн. Дебитордук жана кредитордук карыздарды кыскартуу жана өндүрүү боюнча туруктуу иштер жүргүзүлсүн.

**Аныкталды /корутунду:**

**"Кыргызавтожол-Түндүк" МИнин 561 279,7 миң сом** суммасында дебитордук карызы бар, анын ичинде: 384 272,0 миң сом – ЖЧД (МКВ), 29 935,2 миң сом – Манас эл аралык аэропорту, 8 560,8 миң сом – Евространой ЖЧКсы (Евространой ЖЧКсынын карызы 2022 – жылдан бери өтмө болуп саналат) жана 7 297,5 миң сом – "Меади" ЖЧКсы (карыз 2023-жылдан баштап өтмө болуп саналат).

Дебитордук карыздын пайда болушунун негизги себеби болуп, жеткирилбей калган товарлар жана иштин көлөмү аткарылбагандыгы үчүн берүүчүлөр жана подряддык уюмдар менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү бөлүгүндө, келишимдин шарттарынын сакталбагандыгы эсептеле тургандыгын белгилей кетүү зарыл, мунун натыйжасында, ишкердик субъекттери мамлекеттик ишкананын алдында өздөрүнүн келишимдик милдеттенмелерин аткарышкан эмес.

Ошондой эле, **1 208 797,5 миң сом** суммасындагы кредитордук карызы бар.

**Сунуштама**: КР *Транспорт жана коммуникациялар министрлигине, "Кыргызавтожол-Түндүк" МИсине* дебитордук жана кредитордук карыздарды кыскартуу боюнча туруктуу иштер жүргүзүлсүн.

***Мамлекеттик сатып алуулар боюнча***

**Аныкталды /корутунду:**

2024-жылы **"Кыргызавтожол-Түндүк" МИсинде** республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен, жалпы суммасы 1 781,5 млн сомго адистештирилген техника жана жабдууларды сатып алууга Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин негизинде жеңилдетилген тартип менен сатып алынган.

КР Бюджеттик кодексинин 114-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык: "*бюджеттик каражаттарды алуучулар тарабынан товарларды (жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү, анын ичинде консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү) сатып алуу колдонуудагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат"*.

Бюджеттик каражаттарды алуучулар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык сатып алууларды ишке ашырат.

Жол фонду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023–жылдын 6-мартындагы №95-т. тескемесинин негизинде Кыргызавтожол-Түндүк" МИсине каражаттар адистештирилген техника жана жабдууларды сатып алуу үчүн которуп берген.

Бирок, Жол чарба департаменти жөнүндө жобого ылайык, Жол чарба департаменти мамлекеттик сатып алууларды жүргүзө алат, Жол фонду адистештирилген техника жана жабдууларды сатып алуу үчүн Жол чарба департаментине каражаттарды бөлүп берилиши керек болчу, ошол эле учурда Жол чарба департаменти аталган сатып алууларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде өткөрүш керек эле.

Жыйынтыгында жогоруда көрсөтүлгөн сатып алуулар "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык эмес өткөрүлгөн.

**Сунуштама:** *Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине,* бюджеттик каражаттарды үнөмдүү жана натыйжалуу пайдалануу максатында, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу бөлүгүндө, бюджеттик милдеттенмелерди аткарууну жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын талаптарын сактоо камсыздалсын.

**Аныкталды /корутунду:**

2024-жылдын 15-июлунда **"Кыргызавтожол-Түндүк" МИси** менен Россиялык "РН-Битум" ЖЧК компаниясынын ортосунда 1 875 000,0 миң рублга мунай продуктыларын жеткирүүгө түз ыкма менен контракт түзүлгөндүгү аныкталган, мындан тышкары, келишимде товардын бирдигинин баасы (товардын саны) көрсөтүлгөн эмес. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун тиркелген типтүү тартибинин 57-пунктунун 19-пунктчасына ылайык, түздөн-түз келишим түзүү жолу менен сатып алуу төмөнкүдөй учурларда жүзөгө ашырылышы мүмкүн: авто май куюучу станцияларда күйүүчү-майлоочу материалдарды сатып алуу учурларын кошпогондо, авиациялык, тоо-кен казып алуу, темир жол жана жол куруу чөйрөлөрүндө иш жүргүзгөн ишканалардын муктаждыктары үчүн күйүүчү-майлоочу материалдарды жана мунай заттардын башка түрлөрүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими менен аныкталган берүүчүдөн сатып алуу.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими болгон эмес.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын

ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун тиркелген типтүү тартибинин талаптарын так сактоо боюнча ички көзөмөл күчөтүлсүн, ошондой эле тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды /корутунду:**

*“Кыргызавтожол-Түштүк” МИнин* 2024-жылдын 15-июлундагы №03-1/12 буйругу менен бекитилген “Кыргызавтожол-Түштүк” мамлекеттик ишканасынан жана анын ведомстволук уюмдарынан товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча ички эрежелердин” 14 жана 17-пункттарынын талаптарын бузуу менен, Келишим боюнча 6 подряддык уюмга келишим милдеттенмелерин өз мөөнөтүндө аткарбагандыгы үчүн *№ 12 Жол тейлөө ишканасы филиалы* тарабынан контракттын суммасынан 0,1% өлчөмүндө 106,1 миң сом үстөк айып эсептелгендиги аныкталган. Көрсөтүлгөн товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирип берүүчүлөргө 106,1 миң сом өлчөмүндө үстөк айып суммаларын кармап калуу боюнча 2025-жылдын 14-июлунда № 02-9/122, 02-9/123, 02-9/124, 02-9/125, 02-9/126 02-9/127 билдирүүлөр жөнөтүлгөн.

Ошондой эле, *“Кыргызавтожол-Түштүк” МИнин № 27 Жол тейлөө ишканасы филиалы* тарабынан жогоруда аталган ички Эрежелердин 14 жана 17-пункттарынын талаптарын бузуу менен, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө милдеттенмелерди аткаруу мөөнөттөрү, КАКК (ГОИК) ставкалары, айып төлөмдөрүнүн өлчөмдөрү ж б. көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуштама**: №12 ЖТИ жана №27 ЖТИ филиалдары мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө, жол-жоболорду жана милдеттенмелерди сактоо бөлүгүндө, “Кыргызавтожол-Түштүк” мамлекеттик ишканасынын 2024-жылдын 15-июлундагы №03-1/12 буйругу менен бекитилген “Кыргызавтожол-Түштүк” мамлекеттик ишканасы жана анын ведомстволук уюмдары товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча ички эрежелердин” 14 жана 17-пункттарынын талаптарын так сактоо боюнча ички көзөмөл күчөтүлсүн.

**Аныкталды /корутунду:**

**“Өндүрүштүк-инновациялык борбору” мамлекеттик мекемеси** тарабынан Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 17-беренесинин 16-пунктуна ылайык бир булактан алуу ыкмасы менен келишимдер төмөнкүлөр боюнча түзүлгөн:

- “Тайгус” ЖЧКсынан Камаз43114 НЕФАЗ жана Хово жүк ташуучу автомобилин оңдоого жана техникалык тейлөөгө - 412,5 миң сомго;
- “Элеганс” ЖЧКсы менен Сосновка КП жана Кара-Көл КП чатырынын курулушуна – 6 690,4 миң сомго;
- “Бишкек ДСК” ЖЧКсы менен жолдорду кеңейтүү курулушуна – 26 072,5 миң сомго.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтому менен бекитилген Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү тартибинин 22-пунктун бузуу менен,

жогорудагы жалпы 33 175,1 миң сомго келишимдер милдеттүү түрдө баалардын мониторингин өткөрбөстөн түзүлгөн.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы № 489 токтому менен бекитилген Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү тартибинин 22-пунктуна ылайык, бир булактан алуу ыкмасы менен келишимдерди түзүүдө, бааларга мониторинг жүргүзүү боюнча көзөмөл күчөтүлсүн жана бул тартиптин сакталбагандыгы боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды /корутунду:**

2024-жылы "Кыргызавтожол-Түндүк" МИнин 2024-жылдын 5-июнундагы №02-15/5 жана 2024-жылдын 16-сентябрындагы №02-15/108 буйруктарынын негизинде, *№ 1 Жол куруу башкармалыгы* (Подрядчы) жана "Бета групп" ЖЧКсы (субподрядчы) ортосунда төмөнкү келишимдер түзүлгөн:

1. 2024-жылдын 6-августундагы Контракт № 52-24-Нарын шаарындагы Ленин көч. узундугу 9,025 км, капиталдык ремонт жасоо - 727 648,4 миң сомго;
2. 2024-жылдын 20-сентябрындагы Контракт № 73-24-Шералиев көчөсүн капиталдык оңдоо (узундугу көрсөтүлгөн эмес) - 117 077,1 миң сомго.

Эки контракт боюнча милдеттенмелердин жалпы суммасы 844 725,5 миң сомду түзгөн.

<u>Келишимдердин шарттарына ылайык:</u>

- Иштерди аткаруу мөөнөтү 2025-жылдын июнь жана август айларына чейин белгиленген;
- Техникаларды, инженердик-техникалык персоналды мобилизациялоо жана курулуш материалдарын сатып алуу үчүн контракттардын суммасынан **10% өлчөмүндө аванс** каралган, башкача айтканда **84 472,5** миң сом келишимге кол коюлган учурдан тартып 20 календардык күндүн ичинде Подрядчыга төлөнөт;
- Авансстык төлөмдү кармоо ар бир төлөм сертификатынан **15% өлчөмүндө** жүргүзүлүүгө тийиш.

Иш жүзүндө төмөнкүлөр аныкталган:

- 2024-жыл ичинде "Кыргызавтожол-Түндүк" МИнин тапшырмасы боюнча №1 ЖКБнын эсебине 107 200,8 миң сом которулган. Анын ичинен 104 450,8 миң сом (атайын керектөө салыгынын 2% жана административдик чыгымдардын 1,5% алып салуу менен) субподрядчы – "Бэта групп" ЖЧКсынын эсебине которулган;
- Аткарылган иштин көлөмүн тастыктаган төлөм сертификаттары берилген эмес, Бул түзүлгөн келишимдердин шарттарын бузат.

Ошентип, **19 978,3 миң сом** суммасында аванс ашыкча төлөнгөн, бул контрактта белгиленген ченден 10% ашык болуп саналат.

Түзүлгөн контракттарда Подрядчы тарабынан келишимдин шарттарын аткарбагандыгы, же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн айыптык санкцияларды колдонуу жөнүндө жобо жок, бул мөөнөттөрдү үзгүлтүккө учураткан, же каражаттарды өздөштүрбөгөн учурда, подряддык уюмдарга

натыйжалуу таасир этүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат. Милдеттенмелерди аткарбагандыгы үчүн подрядчылардын жоопкерчилигинин жоктугунун мындай практикасы системалуу мүнөзгө ээ жана №1 ЖКБсы тарабынан субподрядчылар менен түзүлгөн башка ушул сыяктуу келишимдерде байкалат.

Подрядчыга авансарды төлөө тастыктоочу документтер (төлөө сертификаттары) жок болгон учурда, келишимдик ченемден ашып кеткен, бул каражаттарды максатсыз пайдалануу тобокелдигин түзөт. Мындан тышкары, подрядчы менен контракттарда айыптык санкциялардын жоктугу, мамлекеттик тарапты милдеттенмелерди аткарууну камсыз кылуу механизмдеринен ажыратат жана финансылык жоготууларга жана долбоорлорду ишке ашыруу боюнча мөөнөтүн өткөрүп жиберүүлөргө алып келиши мүмкүн.

**Сунуштама:**

1. "Бета групп" ЖЧКсы (субподрядчы) менен түзүлгөн келишимдер боюнча ашыкча төлөнгөн 19 978,3 миң сом суммасындагы аванс кийинки жумуштарды кабыл алуу актыларында эсепке алынсын.

2. Мөөнөттөрдү кечиктиргендиги жана милдеттенмелерди аткарбагандыгы үчүн айыптык санкцияларды колдонуу камсыздалсын жана авансты график боюнча жана тастыктоочу документтер болгондо гана кармоо жөнүндө келишимдерге милдеттүү шарттар киргизүү каралсын.

3. Төлөө тартибине көзөмөл күчөтүлсүн, анын ичинде:

- каражаттар которулганга чейин акы төлөө сертификаттарынын милдеттүү түрдө болушу;

- берилген аванстардын жана аларды жоюу этаптарынын бирдиктүү реестрин жүргүзүү.

4. "Бета групп" ЖЧКсы (субподрядчы) менен түзүлгөн келишимдер боюнча аудиттин отчетунда көрсөтүлгөн бузуулар жана кемчиликтер боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн.

5. Жаңы келишимдерди иштеп чыгууда жана макулдашууда – милдеттенмелерди аткарууну камсыз кылуунун шарттарын милдеттүү түрдө кошуу менен долбоорлор тийиштүү юридикалык жана финансылык кызмат менен макулдашылсын.

***Электр энергиясын керектөөнүн ченемдерин сактоо, автотранспортту туура пайдалануу боюнча***

**Аныкталды /корутунду**:

**Жер жана суу транспорту департаментинин** 27.11.2023-жылдын 27-ноябрындагы № 274 "Жылуулук энергиясын пайдалануу ченемдерин бекитүү жөнүндө" буйругунун талаптарын бузуу менен, 2024-жылга электр энергиясын керектөө ченеми 429,0 миң кВт өлчөмүндө бекитилгендиги аныкталган, белгиленген ченемден ашыкча, жалпы 125,9 миң кВт же **501,8 миң сомго** пайдаланылган, анын ичинде: - *Ош ТУ* - 85,0 миң кВт ченем бекитилген, иш жүзүндө керектөө 95,6 миң кВт түзгөн, бул ченемден 10,6 миң кВт же 39,4 миң сомго ашык; - *Чүй-Бишкек ТУ* - 90,0 миң кВт ченем бекитилген, иш жүзүндөгү керектөө 181,1 миң кВт түзгөн, бул ченемден 91,1 миң кВт же 364,2 миң сомго ашык; - *Жалал-Абад ТУ* - ченем 31,0 миң кВт өлчөмүндө бекитилген,

иш жүзүндөгү керектөө 55,2 миң кВт түзгөн, ченемден ашык 24,2 миң кВт же 98,2 миң сом.

**Сунуштама:** электр энергиясын пайдалануу ченеминин бекитилген ченемден ашыкча пайдалануусунун себептерин талдап, анын жыйынтыгы менен тиешелүү чара көрүү камсыздалсын.

**Аныкталды /корутунду:**

*"Кыргызавтожол-Түштүк" МИнин № 52 Жол тейлөө ишканасы филиалы* тарабынан 2024-жылга башкы механик менен келишим түзүлгөн (01.02.2024-ж., №2 -Мерседес Бенц Е240 мам. № 04KG996AHN), анда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 "Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө" токтомун бузуу менен, башкы механикке компенсациянын ордуна негизсиз, ай сайын 200 литрден бир жылда 1 190 литр **78,2 миң сомго** күйүүчү майлоочу материал (КММ) - бензин берүү белгиленгендиги аныкталган (*аудиттин жүрүшүндө 78,2 миң сом 18.08.2025-жылдын 18-августундагы № 330100038 төлөм тапшырмасы менен калыбына келтирилген*).

Мындан тышкары, *"Кыргызавтожол-Түштүк" МИнин № 2 Жол куруу башкармалыгы* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 "Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө" токтомун бузуу менен, жеке автотранспортко жетекчинин буйругу чыгарылбастан, КММ үчүн 4 учурда **53,5 миң сомго** компенсациянын өлчөмдөрү көрсөтүлгөн акы төлөнгөн.

**Сунуштама:**

1. *№52 ЖТИ филиалы*, кызматтык сапарлар үчүн жеке жеңил унааларды пайдаланууда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 "Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө" токтомунун талаптарын так сактоо боюнча көзөмөл күчөтүлсүн.
2. *№2 Жол-куруу башкармалыгы*, күйүүчү майлар үчүн негизсиз төлөнгөн 53,5 миң сом компенсациялардын ордун толтуруу камсыз кылынсын.

**Аныкталды /корутунду:**

*"Кыргызавтожол-Түндүк" МИнин № 19 Жол тейлөө ишканасы филиалында* айрым күйүүчү майлоочу материал (КММ) таркатма ведомостторунда, КММ алуучу жооптуу адамдардын кол тамгасы жок экендиги аныкталган, бул өз кезегинде 600 литр өлчөмүндөгү **41,7 миң сомго** дизелдик отунду негизсиз эсептен чыгарылгандыгын билдирет.

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы № 366 буйругу менен бекитилген «Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын Эрежелерин" бузуу менен, *"Кыргызавтожол-Түндүк" МИнин № 6, № 19, № 36, № 47 Жол тейлөө ишканасы филиалдарында жана № 9 Ак-*

*Сай асфальтобетон заводунда* кээ бир жолдомо барактарда спидометрдин көрсөткүчтөрү жок, жөнөтүлгөн жана багытталган жердин орду көрсөтүлбөйт, ошондой эле жүргөн километраж көрсөтүлбөйт.

**Сунуштама**:

1. *"Кыргызавтожол-Түндүк" МИнин № 6 ЖТИ, № 19 ЖТИ, № 36 ЖТИ, №47 ЖТИ филиалдарына жана №9 Ак-Сай асфальтобетон заводуна,* күйүүчү-майлоочу материалдарды эсептен чыгаруу, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы № 366 буйругу менен бекитилген "Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө ыкмасынын Эрежелерине" ылайык жүргүзүү боюнча көзөмөл күчөтүлсүн.

2. *№ 19 ЖТИ филиалына*, негизсиз эсептен чыгарылган 41,7 миң сомго 600 литр күйүүчү майды калыбына келтирүү камсыздалсын.

***Негизги каражаттар жана товардык-материалдык баалуулуктар боюнча***

**Аныкталды /корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы № 183 токтому менен бекитилген Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө жобонун 6-пунктуна ылайык, *эгерде баланс кармоочу мамлекеттик мекеме болсо, анда мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тейлеген мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча ишке ашырылат:*

- *мамлекеттик ишкананын же мекеменин уставдык документтеринде уюштуруучу катары көрсөтүлгөн;*

- *мамлекеттик ишкананын же мекеменин ишине жалпы жетекчиликти жана координациялоону жүргүзгөн;*

- *ведомстволук карамагында ушундай ишкана же мекеме иштеген.*

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы № 183 токтому менен бекитилген Мамлекеттик мүлктү чарба жүргүзүүгө, ыкчам башкарууга, акысыз убактылуу пайдаланууга берүү тартиби жөнүндө жобонун 11-пунктуна ылайык, мамлекеттик мүлктү акысыз убактылуу пайдаланууга берүү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими боюнча жүргүзүлөт.

Ошону менен бирге, *"Өндүрүштүк-инновациялык борбор" мамлекеттик мекемеси* тарабынан "Транс-Азия" ЖЧКсы менен Чүй облусунун Жайыл районундагы Новониколаевка айылынын Западная 3 дарегинде жайгашкан жалпы аянты 434 кв.м., Ид № 7-03-03-1001-2930 жер участогу менен административдик имаратты акысыз негизде ижарага берүү боюнча 2023-жылдын 2-майындагы №18/23 түзүлгөн келишими Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация министрлиги менен **макулдашылган эмес** жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин **тиешелүү чечими жок.**

Жогорудагы Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө жобонун 79-пунктун бузуу менен, "Транс-Азия" ЖЧКсы менен көрсөтүлгөн

келишим мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органда **катталган эмес** жана келишимдердин **реестрине киргизилген эмес**.

**Сунуштама:**

1. "Транс-Азия" ЖЧКсы менен Чүй облусунун Жайыл районундагы Новониколаевка айылынын Западная 3 дарегинде жайгашкан жалпы аянты 434 м2, Ид № 7-03-03-1001-2930 жер участогу менен административдик имаратты акысыз негизде ижарага берүү боюнча 2023-жылдын 2-майындагы №18/23 түзүлгөн келишими, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы № 183 токтому менен бекитилген Мамлекеттик мүлктү чарба жүргүзүүгө, ыкчам башкарууга, акысыз убактылуу пайдаланууга берүү тартиби жөнүндө жобонун жана Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө жобонун талаптарына шайкеш келтирилсин.

2. *Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине,* Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы "Өндүрүштүк-инновациялык борбор" мамлекеттик мекемесинин "Транс-Азия" ЖЧКсы менен Чүй облусунун Жайыл районундагы Новониколаевка айылынын Западная 3 дарегинде жайгашкан жалпы аянты 434 м2, Ид № 7-03-03-1001-2930 жер участогу менен административдик имаратты акысыз негизде ижарага берүү боюнча 2023-жылдын 2-майындагы №18/23 келишимин түзүүдө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы № 183 токтому менен бекитилген Мамлекеттик мүлктү чарба жүргүзүүгө, ыкчам башкарууга, акысыз убактылуу пайдаланууга берүү тартиби жөнүндө жобонун жана Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө жобонун талаптарын бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды /корутунду:**

Аудит учурунда негизги каражаттарды жана товардык-материалдык баалуулуктарды инвентаризациялоодо материалдык жоoптуу адамдарда жалпы **512,4 миң сомго** күйүүчү-майлоочу материалдардын жетишпестиги аныкталган, анын ичинде:

- “Кыргызавтожол-Түндүк” МИнин № 1 Достук асфальт бетон заводу - 17,2 миң сомго, № 8 ЖТИ филиалы - 13,6 миң сомго, № 14 ЖТИ филиалы - 12,9 миң сомго, №15 ЖТИ филиалы - 19,6 миң сомго, № 18 ЖТИ филиалы - 20,7 миң сомго, № 20 ЖТИ филиалы - 19,2 миң сомго, № 24 ЖТИ филиалы - 37,3 миң сомго, № 955 ЖТИ филиалы - 49,2 миң сомго, № 957 ЖТИ филиалы - 23,5 миң сомго;
- “Кыргызавтожол-Түштүк” МИнин №37 ЖТИ филиалы - 26,4 миң сомго, № 959 ЖТИ филиалы - 15,3 миң сомго, № 12 филиалы - 26,0 миң сомго, №17 ЖТИ филиалы - 13,0 миң сомго, №27 ЖТИ филиалы - 15,5 миң сомго, №50 ЖТИ филиалы - 43,0 миң сомго, №52 ЖТИ филиалы - 41,3 миң сомго, №31 ЖТИ филиалы - 48,1 миң сомго, №22 ЖТИ филиалы - 70,6 миң сомго.

*Аудиттин жүрүшүндө 512,4 миң сомго күйүүчү-майлоочу материалдардын жетишпестиги калыбына келтирилген.*

**Сунуштама:** *“Кыргызавтожол-Түндүк” жана “Кыргызавтожол-Түштүк” мамлекеттик ишканалары,* 512,4 миң сомго күйүүчү-майлоочу материалдардын жетишпестиги аудит учурунда аныкталып калыбына келтирилген факт боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды /корутунду:**

"Кыргызавтожол-Түндүк" МИнин 2024-жылдын 28-майындагы №02-ОД буйругу менен бекитилген “№4 ЖТИ филиалы жөнүндө Жобонун” жана “№7 ЖТИ филиалы жөнүндө Жобонун” 3-пунктунда “Кыргызавтожол-Түндүк” МИнин макулдугу менен ага тиешелүү мүлк (имараттар, курулмалар, техника, транспорт каражаттары) юридикалык жана жеке жактарга берилиши мүмкүн экендиги көрсөтүлгөн.

Бирок, *“Кыргызавтожол-Түндүк” МИнин № 7 Жол тейлөө ишканасы филиалы* тарабынан №4 Жол чарба департаментинин аймактык бөлүмүнүн 2024-жылдын 18-ноябрындагы № 339 катына ылайык, "Кыргызавтожол-Түндүк" МИнин макулдугу жок *№ 4 Жол тейлөө ишканасы филиалына* автобекеттин курулушуна 1785,0 миң сом акча каражаты которулган, ошондой эле, "Кыргызавтожол-Түндүк" МИнин макулдугу жок 160,2 миң сомго 6 планшет берилген.

Ошондой эле, *№ 4 Жол тейлөө ишканасы* тарабынан №4 Жол чарба департаментинин 2024-жылдын 21-июнундагы № 199 катына ылайык, "Кыргызавтожол-Түндүк" МИнин макулдугу жок № 35 ЖТИ филиалынын балансында турган имараттын эшик-терезелерин алмаштырууга 746,9 миң сом сарпталган.

**Сунуштама:** *“Кыргызавтожол-Түндүк” мамлекеттик ишканасынын № 4 жана № 7 Жол тейлөө ишканасы филиалдары:* “Кыргызавтожол-Түндүк” МИнин 2024-жылдын 28-майындагы № 02-ОД буйругу менен бекитилген “№ 4 ЖТИ филиалы жөнүндө” жана “№ 7 ЖТИ филиалы жөнүндө” жоболоруна ылайык активтерди пайдалануу бөлүгүнүн талаптарын так сактоо боюнча көзөмөл күчөтүлсүн.

***Бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун абалы боюнча***

**Аныкталды /корутунду**:

Материалдык отчеттордун толуктугун жана бухгалтердик эсепте бардык тастыктоочу документтердин болушуна жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында, жол-эксплуатациялык ишканалардын филиалдарында бухгалтерияга материалдарды эсептен чыгаруу боюнча тастыктоочу документтер тиркелбегендиги, материалдык жоопту адамдар, алардын саны боюнча чыгымдарын тастыктаган материалдык отчеттор (жол баракчалары жана таратуу ведомосттору) тапшырылбагандыгы аныкталган, анын ичинде: *“Кыргызавтожол-Түндүк” МИнин № 6, № 19, № 36, № 47 Жол тейлөө ишканасы филиалдарында жана № 9 Ак-Сай асфальт-бетон заводунда.*

**Сунуштама:** *“Кыргызавтожол-Түндүк” мамлекеттик ишканасынын № 6, № 19, № 36, № 47 Жол тейлөө ишканасы филиалдары* жана *№ 9 Ак-Сай асфальт-бетон заводу*: бухгалтердик эсептин так, туура жүргүзүлүшү боюнча көзөмөл күчөтүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигиндеги тышкы инвестициялар долбоорлору боюнча (2024-жыл мезгил аралыгына карата)**

**Ислам Өнүктүрүү Банкынын долбоорлорун ишке ашыруу тобу боюнча**

- ***"Суусамыр-Талас-Тараз автожолун реконструкциялоо" долбоору, 4-фаза (106,4-197,6 км)***

**Аныкталды /корутунду:**

Пайыздык эсептерде 2024-жылдын 31-декабрына карата 80,0 АКШ доллары суммасында калдыктар (6996 сом, АКШ долларынын 2025-жылдын 21-майындагы курсу боюнча - 87,45 сом) жана КР Бюджеттик кодексинин 106-беренесине ылайык республикалык бюджетке которулууга тийиш 570,9 сом суммасы бар.

*Эскертүү: 2025-жылдын 18-апрелиндеги № 77 КР Бюджеттик Кодексинин 106-беренесинин 10-пунктуна мамлекеттик тышкы инвестициялар боюнча бюджеттик каражаттардын калдыктары бюджеттин эсебине которулбаганы боюнча өзгөртүүлөр киргизилген.*

- ***"Ысык-Көл айланма жолунун Корумду-Балбай Баатыр участогун реконструкциялоо, 104-184,5 км" долбоору***

**Аныкталды /Корутунду:**

"Ысык-Көл айланма автожолунун Корумду-Балбай Баатыр участогу, 104-184,5 км" реконструкциялоо долбоору боюнча төмөнкү участоктордо дөбөнүн жантайыңкы жерлери өзгөрүүлөргө муктаж: км 174+90 – км 176+500 = 4570 м3, км 118+64 – км 118+900 = 5800 м3, км 176+800 – км 177+200 = 3780 м3, км 157+200 – км 158+000 = 6300 м3, км 159+500 – км 159+700 км = 2360 м3. Топурактын жалпы көлөмү 22 810 м3.

Иштердин наркы: 22810 м3 х 3,81 = 86,9 миң АКШ долларын түзөт.

169+730 кмден 169+90 кмге жана 170+320 кмден 170+63090 км аралыкта ачык дренаж тутуму негизинен тосулган, аны 5746,1 м3 топурак менен тазалоо талап кылынат.

Иштердин наркы: 5746,1 м3 х 2,11 =12,1 миң АКШ долларын түзөт.

Бардыгы: 99,0 миң АКШ доллары (8 613,0 миң сом).

**Сунуштама:** *Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин Ислам Өнүктүрүү Банкынын долбоорун ишке ашыруу тобуна,* 8 613,0 миң сомго дефекттик иштер подрядчы "China Road and Bridge Corporation in Kyrgyzstan" ("Чайна Роуд энд Бридж Корп.") эсебинен жоюлсун.

**Дүйнөлүк банктын долбоорлорун ишке ашыруу тобу боюнча**

- ***"Борбордук Азиядагы аймактык байланыш жолдорун жакшыртуу боюнча Программанын үчүнчү фазасы (ПУРПС ЦА-3)" долбоору***

**Аныкталды /корутунду:**

Долбоордун 1-бөлүгү берилген сертификаттарга ылайык, курулуш башталгандан бери Түп-Кеген, 39-76-чакырымдарындагы автожолун

реконструкциялоо боюнча Подрядчы “Чайна Роуд энд Бридж Корп.” тарабынан аткарылган иштердин көлөмү 1 386 594,8 миң сомду түзгөн, же иштин көлөмүн аткаруу 69,6% түзгөн. 2024-жылы подрядчыга төлөнгөн каражаттардын суммасы 773 549,6 миң сомду түзгөн.

Түп – Кеген 39 км -76 км автомобиль жолунун жогорку жол жээгин жана тилкесин жол каптоо бөлүгү боюнча участокторун көрүп кароодо: жумуштардын аталышы-техникалык спецификациянын 5.2.3-пунктчасында көрсөтүлгөн 13 см калыңдыктагы С10 класстагы жана 0/40 маркасындагы шагыл катмарын камсыз кылуу, жайгаштыруу жана ныктоо. Ал эми, төшөлүүчү шагыл төшөлмөсү Түп-Кеген **жолунун бүткүл узундугу боюнча көрсөтүлгөн 0/40мм маркасынан ашык**. Жолдун четиндеги шагылдын көлөмү 10 547,95 м3. Баалардын айырмасы 479,81 – 399,84 = 79,97 сомду түзгөн. Жумуштардын наркы 10 547,95 х 79,97= **843,5 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:** *Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин Дүйнөлүк банктын долбоорлорун ишке ашыруу тобуна,* 843,5 миң сомго дефекттик иштер подрядчы “China Road and Bridge Corporation in Kyrgyzstan” (“Чайна Роуд энд Бридж Корп.”) эсебинен жоюлсун.

**Аныкталды /корутунду:**

Долбоордун III-бөлүгү компонент-1 боюнча 2023-2024-жылдары аткарылган иштердин көлөмүнүн ведомостунда жалпы 200 168,00 миң сомду түзгөн, анын ичинде:

5 ТСБ боюнча Контракт жалпы 147 860,4 миң сомго түзүлгөн. Бирок, курулуштун жүрүшүндө бардык 5 ТСБ боюнча жалпы суммасы 54 858,6 миң сомго кошумча макулдашуулар түзүлгөн, бул 37,1% ды түзөт, ал эми сметада күтүлбөгөн иштерге 10% гана каралган, бул 27,1% га ашык.

Мындай көбөйүүнүн себеби болуп "Архи Вижн" ЖЧКсы тарабынан долбоордук-сметалык документтерди (ДСД) сапаттуу иштеп чыкпагандыгы эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги (Дүйнөлүк банктын долбоорлорун ишке ашыруу тобу) 2011-жылдын январындагы (2014-жылдын июлунан тартып өзгөртүүлөр менен) “Карыз алуучу менен Дүйнөлүк банктын зайымдар боюнча Эл аралык өнүктүрүү жана реконструкциялоо банкынын жана кредиттер жана гранттар Эл аралык өнүктүрүү агенттигинин Сатып алуулар боюнча товарларды, жумуштарды жана консультативдик эмес кызматтар боюнча” Колдонмонун 1.16-пунктунун (ii), “Карыз алуучу менен Дүйнөлүк банктын зайымдар Эл аралык өнүктүрүү жана реконструкциялоо банкынын жана кредиттер жана гранттар Эл аралык өнүктүрүү агенттигинин Консультанттарды тандоо жана жалдоо боюнча” Колдонмонун 1.23-пунктунун (ii) жана Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 5-беренесинин 2-пунктунун 4-пунктчасынын негизинде “Архи Вижн” ЖЧКсын долбоордук-сметалык документтерди сапаттуу иштеп чыкпагандыгы үчүн ак

ниет эмес жеткирүүчүлөр жана консультанттар маалымат базасына киргизүү маселесин демилгелөөгө укуктуу.

**Сунуштама:** *(Дүйнөлүк банктын долбоорлорун ишке ашыруу тобу),* курулуштун наркынын жогорулашына алып келген долбоорлорду иштеп чыгууда компетенттүүлүгүнүн жоктугуна, сапатсыз кызмат көрсөтүүлөрдү (ДСД иштеп чыгуучу катары) аткаруусуна байланыштуу "Архи Вижн" ЖЧКсын ак ниет эмес жеткирүүчүлөр жана консультанттар маалымат базасына киргизүүнү демилгелөө маселеси каралсын.

**Аныкталды /корутунду:**

2023-2024-жылдардагы иштердин көлөмүнүн ведомостторунда 5 туристтик сервистик борборлору (мындан ары-ТСБ) боюнча аткарылган иштердин көлөмүнүн аталышы жок: цемент-акиташ аралашмасы менен жакшыртылган шыбак (ГКЛ боюнча) - 1 323,3 м2; металлочерепицадан чатыр куруу - 106,5 м2; полго жылуулук изоляциялоочу түзүлүш - 417,5 м2; термометрлерди орнотуу – 20 шт.; монометрлерди орнотуу – 61 шт; курулмалардын ортосуна ирригациялык бетон лотокторун орнотуу - 63,48 м3; кирпич мамычаларга лаг төшөө - 604,8 м2; "музга каршы" системасын орнотуу-160 м; видеокөзөмөл үчүн өлчөмү (калыңдыгы 1830х915х370мм.0,5 мм) – 5 даана шкаф орнотуу; жалюзи торлорду орнотуу – 146 даана ж.б., мында 5 ТСБ боюнча жогорулатылган көлөмдөрдүн жана жумуштардын наркынын жалпы суммасы **3 356,3 миң сомду** түзгөн:

- Балыкчы шаарындагы ТСБ курулуш иштеринин көлөмү 434,2 миң сомго жогорулатылган, подрядчы "Лотос Групп" ЖЧКсы. Ошондой эле, курулуш жана монтаждоо иштеринде дефекттер бар.

- Бөкөнбаев айылындагы ТСБ курулуш иштеринин көлөмү 493,3 миң сомго жогорулатылган, подрядчы "Юг-Стройсервис" ААКсы. Ошондой эле, курулуш жана монтаждоо иштеринде дефекттер бар.

- Тосор айылындагы ТСБ курулуш иштеринин көлөмү 763,8 миң сомго жогорулатылган, подрядчы "Юг-Стройсервис" ААКсы. Ошондой эле, курулуш жана монтаждоо иштеринде дефекттер бар.

- Түп айылындагы ТСБ курулуш иштеринин көлөмүн 877,0 миң сом суммасында жогорулатылган, подрядчы "Юг-Стройсервис" ААКсы. Ошондой эле, курулуш жана монтаждоо иштеринде кемчиликтер бар.

- Теплоключенка айылындагы ТСБ курулуш иштеринин көлөмү 788,0 миң сомго жогорулатылган, подрядчы "Юг-Стройсервис" ААКсы. Ошондой эле, курулуш жана монтаждоо иштеринде кемчиликтер бар.

Ошону менен бирге техникалык көзөмөл жүргүзгөн "Экспертиза жана техникалык көзөмөл" ЖЧКсы тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн бардык бузуулар жана кемчиликтер боюнча аткарылган иштердин актыларына эч кандай сын-пикирлерсиз кол коюлган.

"Лотос Групп" ЖЧКсы тарабынан контракттардын сапатсыз жана ак ниетсиз аткарылышынын натыйжасында иштин көлөмү - 434,2 миң сом суммасында, "Юг-Стройсервис" ААКсы тарабынан 4-ТСБ боюнча - 2 922,2 миң сом, жогоруда көрсөтүлгөндөй, жалпы 3 356,4 миң сом суммасына

жогорулатылган. Мындан тышкары, курулуш иштеринин сапатында ар кандай дефекттер бар.

Ошондой эле, жогоруда көрсөтүлгөн курулуш иштеринин жогорулатылганына жана сапатсыздыгына "Экспертиза жана техникалык көзөмөл" ЖЧКсы тарабынан контрактта каралган техникалык көзөмөл боюнча иштерди сапатсыз аткаруунун кесепети болуп саналаарын белгилей кетүү зарыл.

Жогоруда, аныктамада белгиленгендей, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги (Дүйнөлүк банктын долбоорлорун ишке ашыруу тобу) көрсөтүлгөн ишканаларды ак ниет эмес жеткирүүчүлөр жана консультанттар маалымат базасына киргизүү маселесин демилгелөөгө укуктуу.

**Сунуштама:**

1. *КР Транспорт жана коммуникациялар министрлигине,* "Борбордук Азиядагы аймактык байланыш жолдорун жакшыртуу боюнча Программанын үчүнчү фазасы (ПУРПС ЦА-3)" долбоору боюнча подрядчы "Лотос Групп" ЖЧКсынан - 434,2 миң сом жана "Юг-Стройсервис" ААКсынан 4-ТСБ боюнча - 2 922,2 миң сом суммалары курулуш иштерин аткаруудан алынып салынсын жана өз ара эсептешүү салыштыруу актысы түзүлсүн жана алардын эсебинен курулуш жана монтаждоо иштериндеги бардык кемчиликтер четтетилсин.

2. *Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине (Дүйнөлүк банктын долбоорлорун ишке ашыруу тобу),* курулуш иштеринин көлөмүнүн жогорулашына, сапатсыз аткарылышына байланыштуу "Экспертиза жана техникалык көзөмөл" ЖЧКсын, "Лотос Групп" ЖЧКсын жана "Юг-Стройсервис" ААКсын ак ниет эмес жеткирүүчүлөр жана консультанттар маалымат базасына киргизүүнү демилгелөө маселеси каралсын.

**Азия өнүктүрүү банкынын долбоорлорун ишке ашыруу тобу боюнча**

- ***"Түндүк-Түштүк альтернативдик автожолу, Казарман – Жалал - Абад участогу (291-433 км) жана Балыкчы–Арал участогу (183+500-195+486 км)" долбоору***

**Аныкталды /корутунду:** Башкы подрядчы "Чайна Роуд энд Бридж Кор." тарабынан Түндүк-Түштүк альтернативдүү автожолун куруу долбоорунун 1-фазасынын "Казарман-Жалал-Абад (291-433 км) участогуна жол курулуш иштерин жүргүзүү үчүн Жалал-Абад облусунун, Сузак районунун, Багыш айыл округунун аймагында 349+50, 350+000 км, 349+720 км кум-шагыл аралашмасы колдонулган.

Ошону менен бирге, 2024-жылдын 17-июлундагы № CRBCKG/N-S 1/DI/2024/108 кепилдик катка ылайык, негизги иштердин аяктагандыгы жөнүндө алдын ала сертификат берилгенден кийин, бардык бүтпөгөн иштер 2024-жылдын ноябрынын аягына чейин аткарылат жана бир жылга созулган дефекттер үчүн, кепилдик мөөнөтү баардык бүтпөгөн иштер аткарылгандан кийин башталат, б.а. кемчиликтер үчүн жоопкерчилик мезгили 2025-жылдын ноябрынын аягында аяктайт.

Башкы подрядчы "Чайна Роуд энд Бридж Кор." тарабынан бардык негизги курулуш иштери 2025-жылдын май айында бүткөрүлгөн, бирок, Жалал-Абад облусунун, Сузак районунун, Багыш айыл округунун 349-+50 км, 350+000 км, 349+720 км - 3 карьеринде "Жер казынасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесинин 12-пунктун бузуу менен, рекультивациялык иш-чаралар мыйзамдарда белгиленген тартипте жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:** *Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин Азия өнүктүрүү банкынын долбоорлорун ишке ашыруу тобуна*, "Кыргызжолтрансдолбоор" мамлекеттик ишканасынын жол-курулуш иштерине техникалык көзөмөл боюнча инженер-консультанты менен бирдикте подрядчы "China Road and Bridge Corporation in Kyrgyzstan" ("Чайна Роуд энд Бридж Кор.") тарабынан Жалал-Абад облусунун, Сузак районунун, Багыш айыл округунун аймагында 349-+50, 350+000, 349+720 км аралыктагы 3 карьерде 1-фазадагы "Казарман-Жалал - Абад участогуна Түндүк-Түштүк альтернативдүү автожолун куруу (291-433 км)" жол курулуш иштерин жүргүзүү үчүн пайдаланылган кум-шагыл аралашмасы рекультивациялык иш-чараларды жүргүзүү бөлүгүндө, "Жер казынасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесинин 12-пунктчасын мыйзамда белгиленген тартипте аткарылышы камсыз кылынсын.

**Аныкталды /корутунду:**

Аткарылган иштердин көлөмүнүн ведомостунун маалыматы боюнча 2024-жылы "Түндүк-Түштүк Фаза-1 альтернативдик автожолунун" курулуш-монтаждоо иштери - 18 961,1 миң АКШ долларын түзгөн, анын ичинен туннель боюнча КМИ - 15 306,6 миң АКШ долларын түзгөн.

6а ведомосту боюнча 6-4 "жабуу" позициясы боюнча туннелдик иштер аткарылган, анда жол чийиндерин термопластик менен түшүрүү менен ЩМАдан (Шагыл-мастикалык асфальт-бетон) асфальт-бетон жабууну орнотуу боюнча иштер киргизилген, мында белгилер визуалдык кароодо дефект менен аткарылган (айрым жерлерде өчүрүлгөн), ал эми кечки убакта автомобиль фараларынын жарыгында чагылдырылбайт, бул жол коопсуздугунун талаптарына жооп бербейт. Калыбына келтириле турган термопластикалык белгилердин жалпы узундугу 9510 метрди түзөт. Иштердин наркы 9510 м х 3,50 **= 33 285,00 АКШ долларын (2 895,8 миң сом) түзгөн.**

**Сунуштама:** *КР Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин Азия өнүктүрүү банкынын долбоорлорун ишке ашыруу тобуна,* калыбына келтириле турган термопластикалык белгилердин жалпы узундугу 9510 метр, иштердин наркы 33 285,00 АКШ долларын (2 895,8 миң сом) түзгөн дефекттик иштер подрядчы "Чайна Роуд энд Бридж Корп." эсебинен жоюлсун.

**Аныкталды /корутунду:**

"Түндүк-Түштүк альтернативдик автожолу, Казарман-Жалал-Абад участогу (291-433 км) жана "Балыкчы-Арал участогу (км 183+500-195+486)" долбоору боюнча 2024-жылдын 31-декабрына карата "Элдик" ААКсынын пайыздык эсебинде 231 АКШ доллар жана 3 391,75 сом калдыгы бар.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 106-беренесинин 10-пунктун бузуу менен, "Элдик" ААКсынын пайыздык эсебиндеги 231 АКШ доллары жана 3 391,75 сом калдыгы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Бирдиктүү казыналык эсебине которулган эмес.

*Эскертүү: 2025-жылдын 18-апрелиндеги № 77 КР Бюджеттик Кодексинин 106-беренесинин 10-пунктуна мамлекеттик тышкы инвестициялар боюнча бюджеттик каражаттардын калдыктары бюджеттин эсебине которулбаганы боюнча өзгөртүүлөр киргизилген.*

- **"Бириктирүүчү жол, ЦАРЭС 1 жана 3 коридорлору, Фаза-2 – кошумча каржылоо" долбоору** (Балыкчыдан 43 километрге чейинки жана Кочкор-Эпкин участогу (0 км – 43 км, 62,4 км – 89,5 км).

**Аныкталды /корутунду:**

*Балыкчы-Кочкор 0км- 43км Лот-1:*

- 0+420 км оң жагындагы жана 0+510 км сол жагындагы артыкчылык белгилер бузулган, 2+500 км оң жагындагы маалымат белгиси бузулган жана 27+252 км аралыкта жайгашкан d = 1,5 м суу өткөрүүчү түтүк 50% материал менен чапталган жана 31+340 км аралыкта жайгашкан d=1,0 м суу өткөргүч түтүк 80% материал менен капталган, тазалоону талап кылат. Ошондой эле, 1+320 км, 14+289 км жана 28+370 км сигнал мамычалары бузулган, 0+075 км 0+290 чейин (оң тарабы) жайгашкан дренаждык лоток таштандыга толгон.

*Кочкор-Эпкин 62 + 400 км - 89 км + 500 Лот-2:*

- 70+000 км жана 89 + 480 км оң жагындагы маалымат белгилери бузулган, 65+856 км, 66 + 582 км жана 85 + 699 км/ жайгашкан d=1,0 м суу өткөрүүчү түтүктөр 80% материал менен капталган жана 70+390, 86+150 км жана 86+300 км сигнал мамычалары бузулган.

**Сунуштама:** "Бириктирүүчү жол, ЦАРЭС 1 жана 3 коридорлору, Фаза-2 – кошумча каржылоо" долбоору (Балыкчыдан 43 километрге чейинки жана Кочкор-Эпкин участогу (0 км – 43 км, 62,4 км – 89,5 км) боюнча аныкталган кемчиликтер подрядчы тарабынан (бузулган жол, маалымат белгилери, сигнал мамычалары, суу өткөргүчтөр ылай жана таштанды менен топурак менен толгону боюнча) жоюлуусу камсыздалсын.

Аудит аудитор У.А. Жумагуловдун жетекчилиги алдында, башкы мамлекеттик инспекторлор А. Келдибеков, Б.Т. Ногойбаев, мамлекеттик инспекторлор Б.Ы. Кайымов, Б.Д. Асылбеков, А.Дж. Матосмонов, А.А. Рахманов, М.Т. Алымкулов, У.А. Бекмурзаев жана курулуш боюнча мамлекеттик инспекторлор Т.Ы. Бейшебаев, М.Ж. Толубаевдер тарабынан жүргүзүлдү.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **У.А. Жумагулов**